# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №9 (283) | **30.09.2022.** | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


# ЖҮРӨГҮМДӨ БАТКЕН!



Жолборс ЖОРОБЕКОВ, профессор:



## КЫРГЫЗ КАЧАН КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨЙТ?

3-БЕТ



Жамалбек ЫРСАЛИЕВ:

## “АСМАНДАГЫ КУШТУН ТИЛИН ТАПКАН ЭЛИБИЗ ӨЗ ТИЛИН ТАБА АЛБАЙ КАЛАБЫ?”

8-БЕТ

## СЫНАККА КАТЫШ...

16-БЕТ

# Мекенибиздин чеги мертинип турганда...

**Алмустактан бери бир карыш жерин дагы көздүн карегиндей сактап келген улуу кыргыз журтум!**



Урматтуу мекендештер, Баткендеги окуялардан улам бир нече баатыр жоокерибиздин жана күнөөсүз адамдарыбыздын окко учкандыгы кабыргамды кайыштырып, жүрөгүмдү сыздатып турат. Шейит кеткен журтташтарыбыздын жакындарына жана үй-бүлөсүнө терең кайгыруу менен көңүл айтам.

Мекенибиздин чеги мертинип, чек ара чечилбей турганда, ар бирибиз мындай кырдаалга кайдыгер карабай, ошол жерде өмүр бою жашоо кечирип, чек арага каккан казыктай жылбай кармашып жаткан кандаш мекендештеребизге кол сунуп, колубуздан келгендин баарын жасап, жардам берели. Биздин эң алгачкы жардамыбыз - такталбаган, "чийки" маалыматтарды таратпоо, анткени интернеттин арааны ачылып турган заманда шыбырап койгонуң дагы өлкөбүздүн чеги тургай, дүйнөнүн булуң-бурчуна желдей тарап турган учур. Мындай абалдан пайдаланып, чарк айланып чагым салчулардан сак бололу. Алардын көздөгөн максаты такыр башка, өлкөнүн келечеги, бүтүндүгү, тынчтыгы алар үчүн бир тыйын... Демек, болуп жаткан мүшкүлдү эске алып, баарыбыз бир муштумдай түйүлүп, маалымат саясатын туура жүргүзгөнгө жана жалган маалыматтардын жайылуусуна бөгөт коюуга болгон аракетибизди жумшоого тийишпиз.

Ата-бабаларыбыз кылымдардан бери эле "Алыскы туугандан жакынкы кошуна артык", - деп коңшуларга өтө аяр мамиле жасап, сый-урмат көрсөтүп келген. Бирок катылгандын катыгын берген, канына сиңген көк жалдыгы да бар экенин тарых тастыктайт. Ошондуктан бардыгыбыз бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарган биримдигибизди, ынтымагыбызды көрсөтпөсөк болбойт. Ушундайда бир түндүккө биригип, кеңешип, кырдаалды жөнгө салуунун жолун издесек Кудайдын алдында дагы, мекенибиздин, абийирибиздин жана келечек муундун алдында дагы жүзүбүз жарык болбойбу...

Урматтуу Баткендеги бир боор, кандаш-жандаш туугандар, сиздердин тарткан ар бир кыйынчылыгыңыздар биздин жүрөгүбүз аркылуу өтөт. Артыңыздарда кылымдардан бери элдүүлүгүн сактап, намыс үчүн каруусун казык, канын азык кылып жашап келген калдайган калың эл турат. Демек, жалтактай турган эч кандай себеп жок. Бирок эки тарапка тең тынчтык керек. Бардыгы тынчтык жолу менен чечилишин тилейли...

Урматтуу, кандаш-жандаштар, көк жал Кыргыздын урпактары, тукумдары! Мындай кыйын кырдаалда мамлекет башчысы Президент Садыр Нургожоевичтин кайрылуусун колдоп, анын аракетине жардамдашалы, ички ыйкытыйкыны таштап, ичи бузукларга жем болбой, баткендик кандаш-жандаштарыбызга дем берели.

Биз, окумуштуулар, ушундай кыйын кезеңде өз көз карашыбызды ачык билдирип, адилет кеңешибизди берип туралы! Баарыбызды Манастын руху колдосун!

**Каныбек ОСМОНАЛИЕВ, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор.**

# Бардыгын баш калаадан баштоонун зарылдыгы

23-сентябрь- Кыргыз тили күнү майрамына карата өкмөт тарабынан бир айлык иш-чара жарыяланганы, Президентке караштуу Мамлекеттик тил жана Тил саясаты комиссиясынын төрагасы К.Осмоналиевдин жетекчилигинде ар бир тийиштүү адис жер-жерлерге бөлүнүп, кээси топ-тобу менен жыйын, конференция, рейд, жатжазуу иштерин кызуу жүргүзүштү, иликтеп, талкуулашты, бүтүм- жыйынтык чыгарышты. "Баарын коюп, " Манасты" айт!" демекчи, өзүбүз катышкан бир далай иш-чаралардын ичинен Бишкек мэриясындагы жолугушууга окурман назарын буруп, өзгөчө белгилегибиз келет.

Бишкек- өлкөбүздүн борбору, четтен келгендерге асыл мекен Ала-Тоонун астана- босогосу дал ушул жерден же аэропорт, вокзал, автовокзалдан башталат, көчөлөрдөн башталат. Эми келгендер, көргөндөр эмне дейт? Сурамжылап көрсөк, дээрлик баары бир ооздон "Кыргыз!" деген аталышты алып жүргөн мамлекеттин түпкү нарк-насили деги эле сезилбей, окшобой, таасир бербей тургандыгын айтышты, эй! Күлбөгөн жериң күл болобу, кыргыз... Жанагы интернеттегилердин: "орус кул, араб кул ж.б. кул..." деп,акыйнек айтышууларын анан кантип жалганга чыгарабыз...

"Балык башынан сасыйт" деген, орой макал бар. Демек бардыгын борбордон баштоо эң зарыл болуп турат. Башкасын айтпаганда да, мына ушул эне сүтү менен уланып келген тил- сөз-ой, максатыбызды Бишкекте жөнгө салуу ошончо эле кыйын, татаал, опсуз зор ишпи? Жок, эгер мэр Эмил Абдыкадыров эрктүү, намыстуу, заманбап уюштуруучу- менеджер болсо, бир айлыктын алгачкы мерчем-пландоо жыйынына орун-басары, кыргыз тилин таптакыр билбеген В.А. Мозгачева "кожо көрсүн" дегендей же мында катышып отурган бардык кыргыз тили адистерин басмырлоо катары башкартып койбос беле жана ошол мамлекеттик тил адистеринин жигери, кайраты, даярдыгы заман талабына шайкеш келсе, республиканын түпкү басымдуу эли кайран ак калпак кыргыздын борбору берегидей ашмалтай акыбалга келбейт эле. Атаңдыңгөрү, мынабу коңшу Астана, Ташкент, Душанбедегидей "Мен улутмун, элмин, эгемен мамлекетмин!" деп, кыйкырып турат эле да...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**



# *Жигиттер*

***(Чек арада курман болгон жоокерлердин жаркын элесине)***

*Жигиттер, кайрандарым, апаат күнү,*
*жалындык бир силерге, бир Кудайга.*
*Мекен да тирүү экен, аалам тирүү,*
*жигитке жүрөк берсе, булкуна алган!..*

*Бийиктин баркын-баасын барчын билет,*
*шумкарга тагдыр буйруйт шукшурулган.*
*Мекендин жүгү мага артылды деп,*
*Мекендин асманына учту бир жан...*

*Балапан үчүн бакта уядагы,*
*батперек учуп турган асман үчүн -*
*Жаныңа алмаштырдың Күн-ааламды...*
*Сен эми өмүр болуп кайтаарың, чын!*

*Кудайдын жүрөгү адам, канаты адам,*
*болдуңар жүрөк дагы, канат дагы.*
*...Жакыным болдуң жерди каратпаган,*
*алысым болдуң асман тараптагы...*

*Бегиң жок үчүн чебин, теңин билээр,*
*Бийиң жок үчүн зарды, арды билээр –*
*Өлүмдү карай силер чегиндиңер!*
*Мекеним болуп турдуң ар бириңер!*

*Акыркы мүнөттөрдө, күлгүн өмүр,*
*эмнеде болду экен эс-оюңар?*
*...Силердин төбөңөрдө ким бирөөнүн,*
*илинбей калган эски чокою бар!..*

*Эмнелер келди экен ой-санааңа,*
*Жашадым деп ойлодуң, жашабадым...*
*Аядың апакеңди жол караган,*
*таядың тайып кеткен Асабаңды!*

*Өмүрдү аядың го жалжылдаган,*
*өлкөңдү аядыңбы жетиле элек?*
*...Боло алат тура Мекен жалгыз адам,*
*Мекенсиз адам, бирок жетим өлөт!..*

*Таянаар кишиң калбай жан жагыңда,*
*өбөктөп куладың го куралыңа...*
*...Көнгөндөр жалган ыйлап, жалган ырдап,*
*өмүрдөн башканы эле сурагыла!*

*Жашоону жалгап турган теңдеп, тескеп,*
*от элең, суудай элең, бороон элең!*
*...Мен эми сени жоктоп, сени эстеп*
*сени өзүм өлтүргөндөй боло берем...*

*Жигиттер, кайрандарым, сабалаган,*
*үлгүсү боло алдыңар бийиктиктин!*
*Кабырын көтөрдүңөр бабалардын,*
*кадырын көтөрдүңөр жигиттиктин!*

*Кабырын көтөрдүңөр бабалардын,*
*Кадырын көтөрдүңөр жигиттиктин!*



**Нарсулуу ГУРГУБАЕВА, Москва шаары**



№9 (283)
30
09
2022
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗ КАЧАН КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨЙТ?

Мына эгемендик алганды-гыбызга 31 жыл болду. Ал ортодо эне тилибиз мамлекеттик тил деп кагаз жүзүндө айткan-ыбыз менен өзүбүздөн өгөйлөнүп, түртүндү абалда келатат. Маселенин башаты союз учурунан башталат. Албетте, союздук республика катары өз алдынча мамлекеттик деңгээлде окудук, өстүк дегендей. Коңшу казактар ошол учурда эле орусча да, казакча дагы жакшы сүйлөшчү, ал тургай өздөрүнчө анекдот чыгарган: “Орус болуу үчүн биринчи казак болуп туулуш керек”, деген. Ал эми өзбек, тажик, түркмөн элдери өз тилдерин кадырлап сыйлашчу, мисалга түштүктөгү Фергана, Андижан, Наманган шаарларында кээде дүкөндөрүнөн товардын баасын орусча сурасаң үнчүкпай туруп алышат эле. Ошол таасирден Өзбекстанда жашаган бир миллиондой кыргыз өзбек болуп кетти. Себеби, биз чет жактагы улутташтарды китеп, кыргыз тилинде окута турган мугалим жана окуу куралдары менен камсыздай алган жокпуз. 1961-жылга чейин же Раззаковдун убагында алар биз тараптан камсыз болуп турган. Кийин биз мугалим жана окуу куралдарын бергенди токтоткондон баштап, алар кароосуз калып, өзбек болуп жазылууга аргасыз болушту.

Айтмакчы, И. Раззаков жөнүндө жакында жарыкка чыгарган “Улуттун улуу инсаны” деген китепте тил маселеси тууралуу мындай бир тарыхый фактыны жаздым эле: И. Раззаков өткөн кылымдын 50-жылдарынын аягында бюро өткөрүп жатып, бир канча орустарды ордунан тургузуп, “Силер эмне үчүн кыргызча сүйлөбөйсүңөр, ошон үчүн силердин ишиңер начар”, деп зекийт. Ал эми дагы 3-4 орустун фамилиясы айтып, “ Мына булар кыргызча сүйлөйт, ошондуктан булардын иши да жакшы”, - деп мактайт. Андан бери жетимиш жылдай мезгил өтүптүр, кийинки биринчилер Т.Усубалиев, А.Масалиев, же эгемен мамлекетибиздин бир президенти чогулушта ушинтип айта албады жана азыр да айта албайт. И. Раззаков болсо 4-5 тилде эркин сүйлөп доклад жасай алган.

Эми биз мисал кылган Өзбекстандан тышкары Армения менен Грузия мамлекеттери өздөрүнүн илгертен колдонуп келаткан, алфавитин да сактап калышты. Биз араб алфавити болбосо дагы латын алфавитин сактап кала алган жокпуз. Биз жалаң эле Москванын оозун карап, “развитой” социализмде жашап, тил жоголот деп калган кырдаалда кыргыз тилин мамлекеттик тил деп жарыяладык. Бул абдан жакшы тарыхый мезгил болду. Бирок, биз андан көп өтпөй эле орус тилин алып келип официалдуу тил деп жарыялап, эне тилибизди жанына чапташтырып койдук. Официалдуу тил кошулгандан тартып, кыргыз тил баягы эски таз кейпине кайра келип калды. Мына ушул жагдайда биз эгемендүү мамлекетпиз дегенибиз менен дагы эле жер көз, ар кимдин таасири астында “өнүккөн” өлкө экенибизге ишенет экенсиң. Бечара биздин интеллигенция менен отуз жылдан берки саясый жетекчиликте ар намыс деле жок экен... Себеби, аларга “официалдык” деген, майдай эле жагат окшойт. Ошондуктан “Мен официалдуу тилде эле айтып коёунчу, официалдуу тилде жазып койсок болобу?” деп, көпчүлүгү орус тилине өтүп кетишти.

Эми эмне кылыш керек, деген маселе турат. Бул жерде кыргыз интеллигенциясынан дагы мамлекет жетекчилигинен дагы, бир топ саясий эрк талап кылынат. Жок дегенде коңшулардан үлгү албайлыбы... Мени таң калтырганы казактар жогоруда айтылгандай мурда орусча мыкты сүйлөп жүрсө дагы бүгүн студенттери, интеллигенциясы, жаш-карысы дебей таза казакча сүйлөгөнгө бет бурушту. Алмата, Астанадагы эл аралык абройлуу ЖОЖдорунда жаштары казакча сүйлөгөндү модага айландырышты. Менин оюмча бул процессте Казакстандын биринчи президентинин ролу чоң. Н. Назарбаев Казакстандагы чоң-чоң официалдуу иш чараларда жалаң казакча сүйлөп аларга дух берди. Ошондуктан казак жаштары жалаң казакча, же англис тилинде сүйлөй башташты. Азыр дүйнөлүк информация латын алфавитинде болгондугун эске алып, анын үстүнө казак-кыргыз тилинин үнгүсүна туура келген латынды киргизип койду. Ооба, алар жалаң орустардан турган түндүк облустарынан жана Путиндин каарынан сестенген жок.

Биз дагы акырындап, эртеби-кечпи латын алфавитине өтүшүбүз керек, деп ойлойм. Себеби, бүгүнкү күндө биз колдонуп аткан, кирил алфавити тилибиздин түзүлүшүнө туура келбейт. Латынга өтөлү дегенде эле, эртең өтө калчудай болуп интеллигенциядан баштап карапайым жаранга чейин ок тийгендей качышат. Мисалы, Өзбекстанды ушул нукка бурган көрөгөч И.Каримовдун практикасы ушундай болду: 5 жыл даярдык, 11 жыл мектеп мезгили, дагы 6 жыл ЖОЖдор мезгили. Ошентип дээрлик 22-25 жылга эсептелинген программа болду. Бүгүнкү күндө натыйжа жакшы. Бул жерде өзбек жаштары информациянын дүйнөлүк агымына тез кошулат. Ал эми биздеги өзбектер менен бириктирип турган тамыры үзүлдү.

Арабыздагы башка улуттун



өкүлдөрү албетте өз тилинде сүйлөшү керек. Бирок, ошол жарандар дагы кыргыз тилинде сүйлөө үчүн мүмкүнчүлүк жана шарттарды түзүшүбүз милдет. Демек адегенде өзүбүз кыргызча сүйлөшүбүз зарыл. Андан соң биздин мыйзамдарга ылайык, кайсы улут болбосун Кыргызстан жараны катары талаптагыдай деңгээлде кыргызча билүүсү зарыл. Биз башка улуттардын сезимине тийбестен, алардын балдары да эртең Кыргызстанда чиновник, депутат, министр, өкмөт керек болсо, Президент болушу мүмкүн экендигин ынандырышыбыз керек. Мындайда кыргыз тилин билиши абзел. Кыргызстанда туулуп-өсүп, түпкү элдин тилин билбегендик, кыргыздарды эле эмес бейиштей болгон мекенди сыйлабагандык экендигин өздөрү деле түшүнүшкөндөй болсун. Өзбекстанда туулуп, жашаган кыргыздын өзбек тили менен тарыхын билбегендигин элестетүү кыйын. Же Казакстанда, же Орусияда жашап кыргызча сүйлөп жүрө албайсың да. Ал эми Американын гражданини болушу үчүн биздеги балдаркыздар кандай экзамендерден, сынактардан өтөөрүн, азыр ар бир кыргыз билет. Биз тил боюнча Америкадагыдай эмес, Орусиядагыдай деле мыйзам менен талап кыла албайбыз. Бирок ийкемдүү аракеттерди көрүшүбүз зарыл.

Айталы, Кызыл-Кыя шаарынын ары тарабында Үч-Коргон деген чоң айыл бар. Ал жерде 40 000 ге жакын тажиктер жашайт. Мектептери болсо тажик, өзбек (өзбектер жок), орус тилдеринде же тажик, өзбек, орус класстары катарлаш. Кыргыз мектеп, же кыргыз класстар жок. Таң каласың, биз кайсы мамлекетте жашайбыз? Ал эми айрым катардагы жарандар “Кыргызча окутат элек, бирок мектеп болбосо же мугалим болбосо…” дешет.

Алар туура айтышат. Аталган жердин урпактары академик Абдухалим Раимжанов, саясий ишмер Хасанжан Дадабаев, анын уулу врач Муратжан Дадабаев, же азыркы министр Равшанбек Сабиров тажик болгону менен кыргызча түш жорушат. Демек, кыргызчаны билгендиги менен катар профессионалдык эмгеги менен кыргызстандыктардын сүймөнчүгү болуп ушундай абройго жетишти да. Мындай мисалдарды Кыргызстандагы бардык улуттардын өкүлдөрүнөн келтирсек болот. Демек, биз башка улуттарга “Балдарыңарга кыргызча үйрөтпөй, алардын келечегине балта чаап жатасыңар” десек неге болбосун...

Жыйынтыктап айтканда кыргыздар өзүбүздү-өзүбүз сыйлап кыргызча сүйлөшүбүз жана башкаларга да ошондой мамиле этүүбүз парз жана зарыл.

Мында эң оболу мамлекеттик тил боюнча мыйзамды жакшылап оңдоп-түзөө мезгилдин эң курч маселеси болуп турат.

**Профессор**
**Жолборс ЖОРОБЕКОВ**

Көйгөй жана сунуш

# “Көч бара-бара түзөлөт”

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалымат жана котормо борборунун директору Гүлзат Аалиева менен маек.

***– Арыбаңыз, Гүлзат айым! Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалымат жана котормо борбору тууралуу окурмандарга маалымат бере кетсеңиз...***

– Бар болуңуз! Бул борбор жалпы жонунан Кыргыз Республикасынын жарандарын, биринчи кезекте мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди кыргыз тилинде окутуу иши менен алектенет.

Ушуну менен катар аталган борбор «Кыргызтест» мекемесинин талаптары боюнча кыргыз тилин билүүнүн жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде алып баруунун А1, А2, В1, В2, С1, С2 деп аталган деңгээлдери боюнча окутуу жана үйрөтүү ишине негиз болгон окутуу программаларын, методикалык окуу китептери менен методикалык колдонмолорду иштеп чыгат.

Ошондой эле жогоруда аталган документтердин негизинде жалпы жарандарды, айрыкча, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди кыргыз тилине окутат, иш кагаздарын мамлекеттик тилде сабаттуу алып барууну үйрөтөт.

***– Кыргыз тилин Сиз аталган деңгээлдер боюнча окутуу жана үйрөтүү ишинде жалпы методология менен методика иштелип чыкканбы?***

– Методология – бул тил тууралуу илимди изилдөө принциптери тууралуу окуу. Заманбап кыргыз тилин изилдөө принциптерин түптөгөн залкар окумуштуулар катары, атактуу агартуучу Ишеналы Арабаев менен профессор Касым Тыныстановдон баштап, Константин Кузьмич Юдахин, Болот Мураталиевич Юнусалиев, Хусейин Карасаев, Бүбүйна Орузбаева, Сапарбай Закиров, Киреше Иманалиев сыяктуу илимпоз агай-эжелерди атоого болот.

Ал эми методика – бул кандайдыр бир максаттуу иш-



аракетти жүргүзүү үчүн даяр түрүндө берилген «рецепттердин», алгоритмдердин, же процедуралардын жыйындысы. Кыргыз тилин деңгээлдер боюнча окутуу жана үйрөтүү боюнча бүгүнкү күндө бир катар методикалык сунуштар адистер тарабынан иштелип чыккан.

***– Кыргыз тилин орус мектептерге, орус тилдүү студенттер менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге окуткан мугалимдер «Кыргыз тилин окутуунун натыйжалуу методикасы жок» деп даттанып келишет. Ушул сөздөрдүн чындыгы канча?***

– Ооба, ал сөздөрдүн чындыгы бар. Бул да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, «Көч бара бара түзөлөт» деген сөз бар эмеспи.

***– Кыргыз тилин окутуу жана үйрөтүү ишиндеги эффективдүү жана натыйжалуу методика иштеп чыгуу жаатында сиз иштеген борбордо кандайдыр бир пландар барбы?***

– Бүгүнкү күндө филология илимдеринин доктору, профессор Орозобекова Жылдыз Калмашевна жана «Кыргызтест» мекемесинин жетекчиси Топоева-Ставинская Батма Болоталиевна менен бирдикте Кыргызтест» системасынын талаптары боюнча кыргыз тилин билүүнүн жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде алып баруунун А1, А2, В1, В2, С1, С2 деп аталган деңгээлдери боюнча окутуу жана үйрөтүү ишине негиз болгон окутуу методикалык окуу китептери менен методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу аракетиндебиз. Буюрса, А1 деңгээли даяр болуп калды.

***– Сиздер даярдап жаткан методикалык окуу китеби менен методикалык колдонмо башка усулдардан эмнеси менен айырмаланат?***

– Бул методикалык окуу китеби менен методикалык колдонмо төмөнкүдөй эки өзгөчөлүгү менен айырмаланат:

Биринчиден, А1 деңгээли тил үйрөнүүнүн элементардык деңгээли болуп саналат. Ошондуктан, андагы теориялык жана практикалык маалыматтар кыргыз жана орус тилдеринде кыска жана нуска формада берилди. Биздин пикирде, буга чейинки методикалык колдонмолор жалаң кыргыз тилинде гана сунушталып келгендиктен, кыргыз тилин үйрөтүү жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү көзгө көрүнөөрлүк эффект менен натыйжага ээ болбой келген.

Экинчиден, тил илиминдеги теориялык жана фундаменталдуу материалдар кыргыз жана орус тилиндеги кыска жана так кесе берилген маалыматтар менен коштолгон схема, таблица, график сыяктуу чиймдер түрүндө сунушталууда. Биздин пикирде, дүйнөлүк тажрыйбадагы бул ыкма кыргыз тилин үйрөтүү жана үйрөнүү ишинде да өзүнүн оң натыйжасын көрсөтөт деген пикирдебиз.

***– Маанилүү маалыматтарыңыз үчүн рахмат. Ишиңизде ийгиликтер болсун!***

**Даярдаган**
**Назира ТЫНЫСТАНОВА**

№9 (283)
30 09 2022
kyrgyztili@mail.ru

# ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖАҢЫ ПАРАДИГМАСЫ

("Улуттук кызыкчылык" түрмөгүнөн)

**Ушу тапта Кыргызстандын жарандарынын аң-сезими негизинен эки чоң күчтүн таасирине өтө катуу кабылууда. Мезгили боюнча карасак бири эскинин калдыгы, бири жаңы замандын сыноосу. Эскинин күүсү менен келаткан таасир – СССР убагынан калган айрым эски түшүнүктөр менен орус тилинин үстөмдүгү, жаңы замандын сыноосу – диний фундаментализм. Бул эки идеологиялык күч бири эгемен кылбай артка тартып, бири кыргыз кылбай сыртка тартып, улутубуздун өздүгүн, эгемен мамлекет катары жарандыкты калыптандырууга тоскоол болуп жаткан чагы. Мындай маселелерди чечүүнүн стратегиялык эки негизги багыты – маданият менен билим берүү. Айрыкча гуманитардык билим берүүнүн мазмунун реформалоо абдан актуалдуу маселеге айланды.**

Жеткинчек муундарга берилип жаткан сабактардын ичинен айрыкча тил, тарых, адабият, география жана тарбия узак мөөнөттүү масштабдан караганда өлкөнүн келечегин аныктай турган муундардын дүйнө таанымын калыптандырган предметтерге кирет. Эгемен Кыргызстандын шартында, улуттук кызыкчылыктын позициясынан алганда алардын ар бирин окутуунун негизги максаттары, принциптери кандай болушу керек? Бул предметтердин ар бирин карап көрөлү.

## БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ТИЛ САЯСАТЫ

Тил жаатындагы Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгы орус тилинин расмий статусун алып таштоого түздөн-түз байланыштуу. Антпесе орус тили бардык деңгээлдерде кыргыз тилинин өнүгүшүнө тоскоолдук кылып келатканы далай жолу айтылган. Ушуга чейинки тажрыйбанын баары ошону көрсөтүп турат.

Өлкөдө кыргыз тили мамлекеттик жана расмий статуска ээ болгон жалгыз тилге, мамлекеттеги жарандардын улут аралык тилине айланганда гана ал жалпы элди бириктирүүчү күчкө ээ болот. Бул, мисалы, кыргыздар тургай кыргызстандык дунган менен корейлер да өз ара орусча эмес, кыргызча эркин сүйлөшүүсүнө жетишүү деген сөз. Өз тилин билбеген кыргыз Кыргызстанда калбашы керек деген сөз. Кыргыз тилинде сүйлөөдөн атайын расмий баш тарткан адам кыргыз тили мамлекеттик тил болгон Кыргызстандын жарандыгынан ажыратылышы зарыл деген сөз. Мунун баары жаңы нерсе эмес. Өзүн цивилизациялуу деп эсептеген бир катар мамлекеттердин, анын ичинде бизге бул боюнча доомат койгон улуу державалардын өзүнүн колдонуп келаткан тажрыйбасы.

Демек, Кыргызстанда мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында билим берүүнүн баары толугу менен кыргыз тилине өткөрүлүшү керек. Ал арада бийликте, бизнесте, окуу куралдарында, маданиятта байыркы кыргыз жазуусун жайылтуу иши баштала бергени оң. Ал ишти жүргүзүүнүн алгоритми тууралуу зарыл болсо кийинки макалалардын биринде кеңири кеп кылабыз.

Окуучулар кыргызча эркин сүйлөшүнө жетиш үчүн кыргыз тилине башка улуттарды окутуунун азыркы методологиясы түп-тамырынан бери жарабайт. Окуучуларды эреже жаттатып, орус тургай кыргыз балдар өзү да түшүнө бербеген ырларга шыкап, курулай мээсине күч келтирүүнүн эч кандай кереги жок. Баштапкы максат – Кыргызстандагы мектепти бүткөн балдардын кимиси болбосун КҮНҮМДҮК жашоосунда кыргыз тилин эркин колдонууга жетиш керек. Айтматовдун чыгармаларынын үзүндүлөрүн окубаса койсун. Эрежени жатка билбесе койсун. Ыр жаттабаса койсун. Сүйлөсүн! Жөпжөнөкөй эле кыргызча учурашканды, коштошконду, жол сураганды, соода кылганды, документ толтурганды, күнүмдүк ишинде колдонгонду жакшы өздөштүрүп, дайыма колдонуп чыкса болду. Күнүмдүк турмушунда суудай сүйлөп, эркин колдонуп калганга жетишсе бизге эң керектүүсү ошол. Ал үчүн TOEFFL сыяктуу жөнөкөйлөштүрүлгөн стандарттарды киргизип, мектепти бүткүчө толугу менен өздөштүрүп чыкса бизге ашыгы менен жетиштүү. Айтматовдун кыргызчасын кызыкса кийин өзү окуп алат.



Азыркы учурда Бишкекте да, Чүй боорунда да орус тилдүү мектептер кыргыз тилдүү мектептерден көптүк кылат. Бул туура эмес. Билимди кыргыз тилинде берген мектептерди көбөйтүп, зарыл болсо мамлекет кыргыз тилдүү жеке мектептердин ачылышына бардык жагынан жеңилдик бергени туура.

Албетте, ушу тапта сырткы дүйнө менен алака-катыш жагы да маанилүү. Муну эске алганда окуучулар кыргыз тилинде эркин сүйлөп, ал биринчи эне тили катары аң-сезиминде ОРНОП КАЛГАН СОҢ ГАНА ар кайсы мектептерде орус тили, англис тили, кытай тили жана араб тили ЧЕТ ТИЛИ катары окутулушу максатка ылайык.

Орус тили – КМШнын, англис тили – Батыштын жана дүйнөнүн, араб тили – 20га жакын мамлекеттин, кытай тили – жаныбыздагы эң чоң коңшубуздун тили. Бул тилдерди билүү бизге биринчи иретте чалгын, контрчалгын, дипломатия жана соода үчүн керек болот. Болбосо бая Баткен окуясында жоочулардын радио сүйлөшүүсүн угарын угуп, персче түшүнө албай койгон учурлар болгон.

Ошондо өз эли менен өз тилинде эркин сүйлөшө билген, Кыргызстанга таасир эткен башка күчтөрдүн да тилин түшүнүп, альтернативалуу маалымат ала алган муун калыптанат. Бул сөздүн жакшы маанисиндеги жарандык коомдун калыптанышын шарттаган негизги жагдайлардын бирине айланат.

## ТАРЫХ

Мындан бир нече жыл мурун кызым окуучу кезинде тарых сабагынан кыйналып жатканын айтып арызданып калды. Карасам чын эле китептин тексти балдарга эмес, илимпоздорго арналгандай татаал, сиңбеген тил менен жазылыптыр. Өзүм окуганда араң түшүнүп, анан кайра жөнөкөй сөз менен түшүндүрүп берсем кызым: “Эмнеге ушундай жөнөкөй эле жазышпайт?” дегени эсимде. Андан бери тарых сабагынын окуу китептери өзгөргөн-өзгөрбөгөнү тууралуу кабарым жок. Бирок сабакты балдардын кабыл алуу жөндөмүнө ылайыкташтыруудан тышкары, андан да терең эки маселе бар.

Биринчиден, Кыргызстандын тарыхын окутууда бул жерди жердеген элдердин тарыхына, тагыраак айтканда жердин тарыхына эмес, биринчи иретте кыргыз элинин тарыхына басым жасаш керек. Анткени байыркы доордо кыргыз элинин ээлиги жалаң эле азыркы Кыргызстандын аймагы менен чектелген эмес. Анын ичинде көчмөн цивилизациянын отурук цивилизациядан айырмасы, ар кайсы тарыхый кырдаалдарга карата артыкчылык-кемчиликтери түшүндүрүлүүгө тийиш.

Экинчиден тарыхый инсандарга баа берүүдө алардын аракеттери, кабыл алган чечимдери кыргыздын



улуттук кызыкчылыгына, тактап айтканда:кыргыз тилине, кыргыз жерине жана, кыргыз элинин экономикалык абалына канчалык туура келгенин талдап, окуучуларга так, даана маалымат берүү зарыл. Бул айрыкча орус империясы келген мезгилден тартып азыркы убакка чейинки аралыкка тиешелүү. Ошондо биз мисалы совет мезгилинде көп имарат салдырды деп мактаган далай жетекчилерибиздин тилибизге, республиканын аймагына болгон кайдыгерлиги, Компартия үчүн кызмат кылган бир катар адамдардын улутка кылдай пайдасы тийбегени, тескерисинче репрессияланып кеткен бир топ адамдардын башкага жаман көрүнсө да кыргыз үчүн кылган эрдиги ордуна келет. Ак-карасы аныкталат. Буга чейинки макалалардын биринде айтылгандай, бир эле адамдын эрдиги иттигин, иттиги эрдигин жокко чыгарбайт. Ушулардын баарын билгенден кийин гана окуучуларда толук баалуу жарандык позиция калыптанат.

Албетте, бул үчүн илимий деңгээлде ушундай принциптин негизинде Кыргызстандын жаңы тарыхын толугу менен ревизиялап чыгышка туура келет. Жана бул айтылгандарга каршы чыга тургандар да четтен табылат. Айрыкча эл өзү макул болуп ууру-кескилер менен жегичтердин атын көчөлөргө коюп калган азыркы заманда жалпы көз караштı өзгөртүү оор. Бирок эгерде улут катары азыркы дүйнөгө туура көз караш менен киргибиз келсе, бул да эртедир-кечтир сөзсүз жасала турган нерсе.

Кыргызстандын тарыхын эң мыкты билүүдөн тышкары, бизге чектешпеген Орусияга караганда биз менен коңшулаш Кытайдын, Казакстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын, аларга байланышкан цивилизациялардын тарыхын билүү биздин жарандар үчүн алда канча пайдалуу. Калган дүйнөлүк державалардын тарыхын дүйнөлүк тарыхтын жалпы контекстинде окутуш керек.

Тарыхый фактылар, адамдар улуттук кызыкчылыктын позициясынан гана бааланууга тийиш. Кыргызга тийгизген пайдасы менен зыянын аныктап алып, окуучуларга туура түшүндүрсөк эле бир топторунун аң-сезиминдеги баш аламандык ордуна келе түшөт.

## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТ

Кыргыз адабияты ушу тапта улуттук кызыкчылыктын позициясынан талдана элек. Совет мезгилинде Компартиянын идеологиясына эле кызмат кылган адамдардын чыгармачылыгын биринчи орунга койгон, эстетикалык жактан анча берери жок болсо да көтөрмөлөгөн парадигма дагы эле күчүндө. Ал башкасын кой, өткөн кылымдын башындагы төкмө акындардын чыгармачылыгына да берилген баага таасир эткен жайы бар. Айталык, ушул күнгө чейин советтик идеологияга туура келгенинен улам гана улуттук философиянын туу тутусу болгон Өтө (Жеңижок) Көкө уулу кийинки Токтогул Сатылгановдун көлөкөсүндө көп жылдар бою анча айтылбай келген.

Билим берүү системасына киргизүүнүн принциптери да ошол эски системанын эрежелерин сактап калган. Мисалы, кайсы бир акындын же жазуучунун чыгармаларын окуу китептерине киргизиш үчүн ал адамдын тиешелүү мамлекеттик наамы, Жазуучулар союзунан колдогон пикири ж. б. болушу керек экен. Мен барып бир маселе боюнча кыйлыганда ошентип түшүндүрүшкөн.

Эгерде бул эрежелер, бул принциптер күчүндө турган болсо, бул таптакыр туура эмес. Жаңы окуу китептерине кире турган чыгармалардын тизмесин педагогдор менен акын-жазуучулар чогуу отуруп жаңыдан бирге түзүп чыгышы зарыл. Бирок анын критерийлерин түптамырынан бери өзгөртүүгө мезгил эчак жетти. Компартияга же кайсы бир режимге гана кызмат кылып, эстетикалык ырахат же тарбиялык маани тартуулай албаган чыгармалар ага дегеле кирбеши керек. Ар бир акындын, жазуучунун мезгил сынынан өткөн, улуттук тарбияга кызмат кылган, эстетикалык ырахат тартуулай ала турган чыгармаларын гана киргизүү – мезгил талабы. Алган сыйлыктары, наамдары, союзга мүчө болгон-болбогону эч кандай роль ойнобошу керек. Айрыкча азыркы заманда анын баары тышкы гана атрибуттар.

Бул көз караштан алганда, мисалы, ошол эле Аалы Токомбаевдин:

*"Сүрөтүн тарт, кереметтүү Ильичтин,*
*Кирпигимден кисти жасап берейин"*

деген саптары небак эскирди. Бирок ошол эле учурда "Мунарым", "Түшүмдө" ж. б. сүйүү лирикасы качан болбосун кала берет. Болбосо ошол кезде чоң эле наамдарды алып жүргөн башка бир акындын:

*"Сегизинчи март келди матырайып,*
*Аялдар тосуп алды чатырайып"*

деген саптары биздин заманда эч кимдин жүрөгүн да козгобойт, үлгү да боло албайт.

Ошондуктан бул жерде биз жетекчиликке ала турган нерселер – чыгарманын мезгил сынынан өтүшү, тарбиялык мааниси, эстетикалык бийиктиги. Көрүнүп тургандай, бул багытта да окуучуларга бере турган мурасыбыз баштан аяк ревизияга муктаж. Бул оор иш. Көбүнө жакпай турган иш. Далайынын таарынычын козгой турган иш. Бирок зарыл иш. Ансыз биз өсүп келе жаткан муунга чийки руханий азык жедире беребиз. Туура эмес багыт бере беребиз. Кийин аларды күнөөлөгөнгө укугубуз да болбой калат.

Дүйнөлүк адабиятты окутууда да мен илгери байкаган бир орчундуу маселе бар. Ушу тапта маданияттын ар кайсы салааларын таануу көбүнчө европоцентристик көз караштарга негизделген. Биз окуп жүргөндө "Чет элдик адабияттын тарыхы" деген сабак чү дегенде эле байыркы Грециянын, Римдин убагындагы чыгармалар менен башталчу. Кийин Европанын гана акын-жазуучуларын окутушчу. Бирок дүйнө ошол кезде деле жалаң эле антика цивилизациясынан турган эмес. Азыр деле жалаң Европадан турбайт. Чыгыштын, анын ичинде бизге географиялык жактан алда канча жакын жайгашкан бир катар элдердин мындан кем эмес маданий мурасы, руханий көрөңгөсү бар. Эгер чет элдик адабият жалаң Европанын үлгүлөрүнөн турат десек, капталыбыздагы Индиянын миңдеген жылдарды камтыган ведалары, мантралары, мифтери, түркүн багыттагы йогасы каякта калат? Мусулман дүйнөсүнүн чок ортосунда жашап жүргөнүнө карабай ошол кезде эле эркин ой жүгүртүп керемет философиялык ырларды жараткан Омар Хаям баштаган акындар кайда калат? Башкасын кой, биздин эле Ала-Тоонун ары жагындагы килейген Кытайдын Ли Бо, Ду Фу, Бо Цзю-И баш болгон акындары, Чоюн Өмүралиев агайыбыз кыргызча окуган Ши Цзин баш болгон адабий мурасы кайда калат? "Балык жеп кеткен кыргыз" деп биз кээде тамашалап атаган жапондордун хоккулары, танкалары, прозасычы? Эмнеге биздин окуучулар адабиятты окуганда жалаң батыш адабияты менен чектелиши керек?

Мындан келди, биз окуучуларга ушунун баарынын программасын түзүп беришибиз абзел. Ошондо алардын дүйнөгө чындап көзү ачылат. Азыр көбүнүн мээсин апийимдей ээлеп алган, "баары бир динден чыккан, кайра ошого баш ийиши керек" деген түркөй түшүнүктүн тамырына ошондо балта чабылат. Жаңырган эски дүйнөнүн ар кандай амалына даяр, баарын салыштыра билген, сынчыл көз караш менен карай алган билимдүү муунду ошондо тарбиялайбыз.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК ГЕОГРАФИЯСЫ

Ушу тапта элибизде, айрыкча улуу муундагылардын арасында аймак аралык ажырым күч. Мындан бир канча жыл мурун Ошто райондук гезиттердин маселелери боюнча республикалык жыйын уюшулду эле. Байкасам дегеле өз облусунан чыкпаган кесиптеш агай-эжейлер да бар экен. Бул алардын күнөөсү эмес, бирок журналисттин ой өрүшүнө таасир эте турган жагдай экени ошондо эле белгилүү болчу. Токтогул ГЭСин, пахта талааларын, чек арадагы маселелерди биринчи жолу көргөндөрү болду.

Ажырым өз ара түшүнбөстүктөн келип чыгат. "Оору кадырын соо билбейт" деген кеп бар. Бир аймактагы адамдарды эмне кыйнап, эмне түйшөлдүрүп атканын түшүнбөгөн башка аймактагы адамдарга өз башындагы көйгөйү алда канча орчундуу көрүнүп тура берет. Мындай ажырымды азайтуунун стратегиялык жолдорунун бири – мектептерде милдеттүү түрдө Кыргызстандын экономикалык жана административдик географиясы сабагын киргизүү.

Ар бир окуучу ар бир облуста, керек болсо райондо эмне багылып, эмне өстүрүлөрүн, кандай адамдар жашай тургандыгын, калктын жыштыгын, улуттук курамын, кайсы жери кайсы өлкө менен чектешерин, кандай ишканалар бар экенин, кандай белгилүү адамдар чыкканын ж. б. билип чыккыдай болушу керек. Колдон келсе окуучуларды бир аймактан экинчисине экскурсияларга алып барып, башка теңтуштары менен тааныштырып, алар ошол жактан жаңы досторду күткөнү жакшы. Ошондо жалпы улуттук көз карашы калыптанат. Өлкөнүн ичинде ачылбай жаткан мүмкүнчүлүктөр тууралуу жаңы идеялар пайда болот. Өз аймагынын кулуну гана эмес, жалпы кыргыздын жараны катары бышып жетилет.

## УЛУТТУК ОЮНДАР

Улуттук оюндар – жаш өзгөчөлүгүнө, жынысына жараша балдарды физикалык жактан жетилдирүүнүн, аларда тапкычтыкты, шамдагайлыкты ж. б. сапаттарды өнүктүрүүнүн эң жакшы жолу. Албетте, эр сайыш же тыктуу кылыч сыяктуу опурталдуу оюндар тарых барактарында гана калды. Бирок ордодон тартып күрөшкө чейин, таяк тартыштан баштап улак тартышка чейин көп оюндарды ойнотуп, жок эле дегенде түшүнүк берип турса балдар, айрыкча шаардагылары улуттук кыртышына жакындайт.

Андагы өтө маанилүү нерсе – оюндардын маанисин, эрежелерин өзгөрүшүн кошо түшүндүрүү. Мисалы, өткөн кылымда көкбөрү азыркыдай ипподром шартында тартылган эмес. Кыргыздын улуттук күрөшү деп аталып жүргөн азыркы версия деле убагында Байман аттуу профессор киргизген гибриддик вариант. Болбосо "Манас" баш болгон эпосторду карасак курдан албай эле белден өйдө чечинип алып коюн-колтук алышып күрөшкөн. Кийин башка элдердин таасири менен кирип кеткен эрежелер эсеп эмес. Ар бир нерсе өзөгүнө кайтышы керек. Кайтпаса кайтара тургандардын алдын тоспой, өзөк ушундай болгонун түшүндүрүш керек.

Мындан тышкары, мектепте баштапкы класстардан тартып эле балдар-кыздардын өзгөчөлүгүнө жараша өзүн коргоонун ыкмаларын үйрөтүшүбүз зарыл. Жашы өйдөлөгөн сайын ар бир бала атуучу жана атпас куралдын бардык түрүн колдонууну билип чыккыдай болууга тийиш. Тегерек-четибиз тынчыбай, улам жоо тийишип аткан шартта жарандарыбыздын ар бирин даяр жоокер кылып чыккандан башка айлабыз жок. Ошондо духу да бекем болот, мекенчилдиги да керектүү жөндөмдөргө, ыктарга таяна баштайт.

## УЛУТТУК ТАРБИЯ

Улуттук тарбиянын негизги милдети – өз ара кыргызча мамилеге, салт-санаанын негиздерине, нарк-насилге, улуттук жүрүш-туруш маданиятына үйрөтүү. Кичүүсү улуусуна, улуусу кичүүсүнө, балдар кыздарга, кыздар балдарга, балдар ата-энесине, ата-энеси балдарына кандай кайрылып, кандай мамиле кылышы керек деген нерсенин баарын кайра баштан көрсөтүп чыгыш керек болуп турат. Болбосо мисалы азыркы заманда өзү чалып алып, учурашпастан: "Ало, ким бул?" деп сураган кем акылдар көбөйдү. Өзүнө керектүү ишке кайра суранган кишисин жумшагандар чыкты. Оозуна ак ит кирип, кара ит чыккан немелерди тыйып кое турган мамлекет да, коом да калыптана элек. Акыркы үлгүлөрүн бир катар дин фанаттарынан жана "дакансалардан" көрдүк. Алар өз тарбиясын ушул айтылгандарга каяша айтып жатып деле көрсөтөрүнөн шек жок. Көрсөтүп да жатышат. Анткени итке темирдин баркы жок. Букурдүн бели түзөлбөйт, болору болду. Кеп алардын жүрүш-турушунда эмес, андай жүрүш-турушка мындан ары эч качан барбай турган адамдарды кантип тарбиялайбыз деген маселеде болуп жатат.

Улуттук тарбия сабактарында боз үй тигүү, анда жайгашып отуруу, мал союу, устукан тартуу, конокторду жаш даражасына жараша отургузуу, келген кишини тосуп алып, узатуунун маданияты, сүйлөө маданияты, кийинүү маданияты, аял-эркектин орду, кыскасы үйрөтө турган толгон-токой материал жатат. Ушунун баары улуттук маданияттын эң мыкты үлгүлөрүн алып чыгып, иргеп, талдап, байытууну талап кылат.

## КОРУТУНДУ

Бул айтылгандар – жасала турган иштердин толук тизмеси эмес. Гуманитардык билим берүүнүн мезгилдин саман-топонунан, сырткы таасирден сууруп чыгып, улуттук кызыкчылыкка баш ийдирүү – чоң иш. Бир күнүн бүтпөй турган, татаал иш. Бирок биринчи иретте педагогдор, улутчул активисттер, адистер ушул принципти негиз кылып талкууну баштаганга азыр деле негиз бар. Жолду баскан арбытат.

**Жыргалбек КАСАБОЛОТ.**

№9 (283)
30
09
2022
kyrgyztili@mail.ru

# ЖЕР-СУУ, АЙЫЛ-КЫШТАКТАРГА ОРУСЧА АТТАР КАНДАЙ КОЮЛГАН?




Кыргыз Республикасынын борбор шаарынын аталышын Манас деп өзгөртүү, шаардагы Ленин, Биринчи Май, Октябрь, Свердлов райондорун кыргызча атка алмаштыруу жөнүндө эгемендик жылдардан баштап эле көптөгөн жарандар, коомдук уюмдардын өкүлдөрү айтып жана жазып, шаар бийлигине, өлкө бийлигине кайрылып келгендигин жалпы эл жакшы билет. Бирок, демилгелүү сунуш-талапка ошол кездеги шаар бийлиги улам алмашып, өлкө бийлиги жакшы көңүл бурбай, аталган демилге ишке ашырылбай келе жатат.

1991-жылдарды коё туруп, жакынкы 2008-жылдардан баштасак коомдук ишмер, ошол кездеги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Бейшенбек Абдыразаков комитетте, сессияда бир канча жолу маселе көтөрүп, райондордун кыргызча аталыштарын Эне-Сай, Алтай, Ала-Тоо, Теңир деп сунуш кылган. Депутаттар колдоп, кабыл алган чечим Бишкек шаарынын Мэриясына тапшырылган. Тилекке каршы шаар бийлиги каражат бөлүү, топономика ж.б. шылтоолор менен убакытты созуп, 2010-жылдагы бийлик алмашуу аркылуу бул маселе биротоло унутта калтырылган. 2009-2010-жылдары жазуучу, Асыкбек Оморов демилгечи болуп, маданият, адабият, искусство тармагындагы чыгармачыл адамдар кол коюп, борбор шаардын аталышын Манас деп өзгөртүү, райондордун аталышын кыргызчалоо боюнча Кайрылуу жасашкан. Бул демилгеге да айрым чиновниктер тарабынан ар кандай шылтоолор менен бут тосулуп, кыргызга жат, каны бузуктук жоруктар жасалган.

2010-жылы 23-ноябрда Тарых музейинде Кыргызстандын ордо калаасы Бишкектин атын Манас деп, которуу демилгеси көтөрүлгөн. Демилге ээси-“Манас киноэпопея” эл аралык уюму кызыл түстүү тууну көк түскө алмаштыруу (которуу), борбор майдандагы "Эркиндик" эстелигинин ордуна Манас айкелин орнотуу тууралуу коомчулукка жар салган.

Президенттин ошол кездеги кеңешчиси Топчубек Тургуналиев башында турган “Манас киноэпопея” эл аралык уюму “Манас” мыйзамынын долбоорун талкууга коюп, мамлекеттик программа кабыл алуу, Бишкек шаарынын атын Манас деп которуу жөнүндө аракеттерди жасашкан. Бирок, Манас” мыйзамы кабыл алынганы менен борбор шаардын атын Манас деп, өзгөртүү демилгеси шаар бийлигиндеги айрым чиновниктер тарабынан мурдагыдай эле шылтоолор менен бут тосулуп, убакытты созуп унутта калтырылган.Мындан тышкары республикабыздын аймактарында, борбор шаарыбыз Бишкек шаарында соода жайларынын, кафе-ресторандардын, ар кандай уюмдардын аталыштарын, калкты тейлөөчү жайлардын орусча, англисче, айрым жерлерде, жолдордо арабча да жазышып, мамлекеттик тил болгон кыргыз тилин сыйлабаган, Конституцияны тоотпогон, байлыкка эсирген, демократияга, сөз эркиндигине, диний расымдарга жамынган жарандар жаандан кийинки козу карындай жабалактап көбөйдү...Башка тилдерде жазылган мындай жазуулар кадам сайын кездешип, баарын санап тизмектөөгө кагаз түтпөй турган абалга келип такалдык.

Жакында 40 уруу кыргыздын башын бириктиреген “Кыргыз Эл Биримдиги” коомдук бирикмесинин жыйынында Бишкек шаарынын аталышын Манас деп өзгөртүү, борбордогу Ленин, Биринчи Май, Свердлов, Октябрь райондорунун аталышын кыргызча аттарга алмаштыруу, кыргыз тилине маани берүү, соода жайларынын, кафе-ресторандардын, калкты тейлөөчү жайлардын аталыштарын кыргыз тилинде жазуу маселеси талкууга коюлуп, катышкандар колдоого алып, өлкө бийлигине дагы бир жолу Кайрылуу жасашты. Эми тарыхка карайлы...1868-жылдан 1892-жылга чейин жана андан кийин орус падышасынын баскынчылык саясаты менен кыргыздарды тоого сүрүп, ал жерлерге – Жети-Суу облусуна Орусиядан жана Сибирден 4200 үй-бүлө көчүп келип, 100дөн ашуун орус-украин кыштагы пайда болгон. Ошол кезде «Семиреченские областные ведомости» геазетасы 1912-жылы 9-декабрда сыймыктануу менен: «Пишпек уездинин башчысы П.Н. Затинщиковдун Келгиндер башкармалыгынын кызматкерлери менен биргелешип иштегендигинин натыйжасында, Пишпек уездинде колониялаштыруу иштери эң мыкты жыйынтыктарды берди. Уездде келгиндерди орноштуруу үчүн жүздөй бөлүмдөр түзүлүп, бош жерлер арбын табылып, орустар жайгаштырылды» деп жазган. Анысы аз келгенсип баскынчылар жер-суу, айыл-кыштактардын аталыштарын падыша жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, министрлеринин, жергиликтүү генерал-губернаторлордун, төбөлдөрдүн, христиан чиркөө башчыларынан борбордон келген ар кандай мартабалуу коноктордун, саякатчылардын убактылуу токтогон же каза болгон жерлерине ысымдарын ыйгарып Россиядагы айыл, шаар, губерниялардын аталыштары менен алмаштырып коё беришкен. Кыскасы,кыргыз эли империяга баш ийдирилгенден соң оторчулук саясаттын туташ зомбулугуна кабылган, элдин тарыхый эстутумуна каршы аракеттер башталган. Ала-Тоо аймагындагы, айрыкча Сары-Өзөн-Чүй боору менен ыйык туткан Ысык-Көлдүн тегерегиндеги Александровка, Николаевка, Ивановка, Алексеевка, Петровка, Романовка, Семеновка, Быстровка, Гавриловка, Орловка сыяктуу айыл-кыштактар пайда болгон, санжыралуу кыргыз жер-суу аталыштары оңду-солду орусча алмаштырылаган. Ал мезгилде чөлкөмдөгү айыл-кыштактар, шаарлар падышанын, анын бала-чакасынын ысымдары менен аталып турган. Алсак Кыргызстандагы Александровка, Петровка, Петропавловка, Алексеевка, Николаевка, Романовка аталышындагы кыштактар падышага жасакерленүү менен коюлганы архивдик маалыматтарда баяндалат.Николаевка, Ново-Николаевка деген аталыштагы айылдардын бири Пржевальск, бири Пишпек уездинде пайда болгон. Пишпек уездиндеги Кара-Коңуз деген дунгандардын айылында 1903-жылы 14-январда болуштук жыйын өтөт. Анда дунгандар өздөрүнүн Кытайдан жер которуп келгендигинин 25-жылдыгын белгилөө үчүн падышага жасакерленип, мечиттерде император Николай Александровичтин ден-соолугун, узак өмүрүн тилеп жана бейиши болгур Александр II ни эстеп, алар менен бирге генерал Г.А. Колпаковскийдин арбагына арнап кудайга сыйынуу болгонун, айылдын атын император Николай Александровичтин ысымына которууну жогору жактан өтүнүп кайрылышат. Бул өтүнүч катка 51 адам кол коёт. Өтүнүч каттын жасалма эмес экендигин бышыктап, болуш Санджур Лющенло өзүнүн мөөрүн басып, колун коёт. 1903-жылы 17-августта император Николай өзү Кара- Коңуз айылынын Николаевский деп, аталуусуна макулдугун берет. Жогоруда келтирилгендей өтүнүч каттын негизинде Анжиян уездинде жаңы пайда болгон айылга да Николайдын ысмы берилет. Ошондой эле азыркы Москва районундагы дунгандар жашаган Александровка айылына да падышанын аты ыйгарылган. Ошол кезде падышанын ысмын өз кыштактарына ыйгаруу жараяны зор атаандашууну жаратып, натыйжада Кыргызстанда ондогон айылдар падышанын ысымдары менен аталып калат. Дегеле келгин орустар өздөрү жашаган кыштактарын падышанын мурасчысы Алексейдин ысмы менен атоого шашылышкан. Алсак, 1904-жылы 19-сентябрда Пржевальск уездинин Ойтал айылында жашаган орустар өз ара кеңешип, мурасчы Алексейдин туулгандыгына байланыштуу айылын Алексеевское деп аталуусуна уруксат сурап жогорку бийликтегилерге кайрылышат. Жыйынтыгында бул маселе боюнча Согуш министринин билдирүүсүн император колдоп, 21-ноябрда Ойталдын Алексеевка болуп өзгөрүшүнө макулдугун берет. Сокулук болушундагы “Тоялы-Арык” айылындагы келгиндер да 1912-жылы октябрь айында “Романовское” деп айыл атын алмаштырууга жетишишкен. Мындан сырткары бүгүнкү күндө да белгилүү болгон Петровское (Москва району), Ново-Павловка (Сокулук району) деген аталыштар оторчулук доордо пайда болгон тарыхый “мурастарга” кирет.

Ошентип падыша жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ысымдарына арналып коюлган аталыштар оторчулук доордо кеңири тараган. Кыргыз эли андай аталыштардын жайылышына каршы чыга алган эмес. Антүүгө ал мезгилде акысы да, укугу да жок эле. Жергиликтүү эл менен кеңешүү оторчулук доорго жат көрүнүш болгон. Ал эми азырчы...

**Абдымамбет САРИЕВ, жазуучу.**

# ЧАКАН ТЕСТТЕР ДА МААНИЛҮҮ



«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын тапшырмасынын негизинде Министрлер Кабинети тарабынан мамлекеттик тилдин бир айлыгы жарыяланган. Аталган бир айлыктын алкагында «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинде да атайын иш-чаралардын планы бекитилген. Ага ылайык «Кыргызтест» системасын коомчулукка кеңири тааныштыруу жана жарандарыбыздын мамлекеттик тилибизди үйрөнүүгө кызыгуусун арттыруу максатында окуу жайларда, соода борборлорунда жана башка жерлерде флешмобдор (чакан тесттер) уюштурулду.

Алгачкы флешмоб 26-28-август күндөрү Ош мамлекеттик университетинде жана Ош шаарындагы ири соода түйүнүндө өткөрүлүп, чакан тестке шаардын тургундары, окутуучулар, студенттер, мугалимдер, окуучулар жана мамлекеттик кызматкерлер катышышты.

15-сентябрда флешмоб форматындагы чакан тесттер борбор шаарыбыздагы «БИШКЕК ПАРК» соода борборунда улантылып, жалпысынан 130дан ашуун катышуучу «Лексика. Грамматика», «Окуу» жана «Угуу» субтесттери боюнча 30 мүнөткө ылайыкталган чакан тестти аткарышып, өз деңгээлдерин аныктоо менен улуттук «Кыргызтест» системасы менен таанышып, кеңири маалымат алышты.

16-сентябрда флешмоб «Манас» эл аралык аэропортунда өткөрүлүп, жеке каалоосу менен учуп келген жана уча турган жүргүнчүлөр жана аэропорттун ар түрдүү түзүмдөрүнүн кызматкерлери жалпысынан 80ге жакын адам «Кыргызтест» системасынын A1, A2, B1, B2 жана C1 деңгээлдери боюнча мамлекеттик тилден чакан тестке кызыгуу менен катышышты.

«Манас» эл аралык аэропортунун жамааты иш-чараны уюштурууда да, жүрүшүндө да, ишти так, оперативдүү аткарышып, флешмобду жогорку деңгээлде өткөрүү мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү менен бекем жоопкерчиликти көрсөтүштү. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси “Манас” эл аралык аэропортунун жетекчилигине жана жамаатына терең ыраазычылык билдирүү менен мындан ары да мамлекеттик тилибизди өнүктүрүү жаатында кызматташууну көздөйт.

Ал эми 23-сентябрда, Мамлекеттик тил күнүндө «Кыргызтест» мекемеси Чүй мамлекеттик университетинде белгилүү агартуучу, КР Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин 80 жылдыгына карата флешмоб өткөрдү. Чакан тестке окуу жайдын окутуучулары жана студенттери, жалпысынан 60 адам катышып, электрондук тартипте тест жүргүзүү программасынын ыңгайлуулугун жана Кыргызстандын социалдык турмушунда, коомдук чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн белгилешти.

Ошону менен катар бир айлыктын алкагында улуттук «Кыргызтест» системасын чет өлкөлөрдөгү мекендештер арасында кеңири таанытуу максатында мамлекеттик тил боюнча онлайн форматындагы тесттер уюштурулуп, Германия, Швейцария, Катар, Япония, Россия Федерациясы, Казакстан, Тажикстан жана Сауд Арабиясы мамлекеттериндеги биздин элчиликтердин жана өкүлчүлүктөрдүн кызматкерлери да аралыктан тестке катышышты.

Кыргыз Республикасынын жалпы элин бириктире турган мамлекеттик тилибиздин урматына жыл сайын каралчу бардык иш-чараларды бийик деңгээлде өткөрүү аркылуу кыргыз тилибизди даңазалоо жана өркүндөтүүгө «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси бардык күч-аракетин мындан ары да жумшай бермекчи.

**"Кыргыз тест"**

*Эне тилин билбеген,*
*Элин сүйүп жарытпайт...*

**Байдылда**

# ОЛУТТУУ МАМИЛЕ КЕРЕК

**Улуттук дөөлөттөрдүн туу чокусу болгон кыргыз тили - эне сүтү менен берилип, кыргызымдын алмустактан бери келаткан ой-мурастарын, акыл-насаатын, тарыхын, каада-салтын, нарк-насилин туу чокуга көтөрүп, улут өзөгүн түзүүдө. «Дүйнөлүк шедевр» аталган «Манас» эпосун айтырган улуу тилдин, түрк тилдеринин башаты болгон кыргыз тилинин кудурет-күчүн, нарктуулугун баалап-барктап келебиз.**

Бирок эгемендик жылдары өлкөбүздө мамлеттик тилди өнүктүрүү боюнча бир топ иш-чаралар өткөрүлүп токтомдор кабыл алынса да мамлекеттик башкарууда, иш кагаздарын жүргүзүүдө, жогорку билим берүү тармагында, кесиптик ишмердикте олуттуу жылыштар болгон жок. Коомдун кыймылдаткыч күчү, анын өсүп-өнүгүүсүн айгинелеп турган тилибиз саясый, экономикалык, коомдук жана маданий айдыңда негизги байланыш каражаты катары колдонулбай, дале болсо коңулда «коңурук» тартып жатат. Мамлекеттик тилде иш кагаздарын алып баруу жасалма түрдө өтүп, айрым атка минген чиновниктер жүрнарыга салып будамайлап, бурмалап көторуп, « мамлекеттик тилди урматтайбыз, кыргыз тилин колдойбуз!» деп делбетап болгону менен иш жүзүндө кыргызча –орусча опулдаганы өкүндүрөт. Министрликтерден баштап майда мекеме-ишкана, уюмдарга баш бакпагын жазган арызыңдан баштап, толтурган иш кагаздарындын баары орусча. Расмий тил деп баш мыйзамга берене киргизип, мамлекеттик тилди дагы сындырып, улуттук тилибиздин өсүп-өнүгүшүнө жоон тосмо коюп алдык. Бул, орус тилин тумтак жеригендик эмес, кезегинде ал тил менен билимге, дүйнөлүк адабиятка, илимге жетишкенбиз. Орус тилин билбеген айылдык акылдуу жигиттер өз мүдөөсүнө жетпей калган. Ал кездеги мезгил талабы ошого түрткөн. Америка, Япония, Кытай, Германия жана башка өнүккөн мамлекеттердин элдериндей жашайбыз деп төшүбүздү койгулаганыбыз менен алардын жашоо- турмушунун деңгээлине жетүү көптөгөн убакытты талап кылат. Аларда кош тилдүүлүк деген жок. Ошондуктан улуттук аң-сезимибизди ойготуп, улуттук ар-намысыбызга келип,өзүбүздүн менталитетибизге, дилибизге жараша мамлекеттик тил саясатын жүргүзүп, кыргыз тилин бардык жерде колдонуп, күндөлүк турмушубузда бекем орун алдырбасак, кыргыз коому өнүгө албайт. Тил – улуттун улут экенинин далилдеп турган эң башкы касиет экенин Дагестандын белгилүү акыны Р.Гамзатов “Эгер бүгүн менин тилим жоголсо, анда мен өлүмгө даярмын” деп таамай белгилеп, ал өз элинин чыныгы атуулу болгондуктан ушундай учкул саптарды жараткан.

Учурда мамлекеттик чиновниктер, бардык кызматкерлер өз милдетин аткаруу үчүн тиешелүү деңгээлде кыргыз тилин билип, кызматка алынууда, бирок кызматынан жогорулоодо жана аттестация учурунда талап кылынуучу жобо так иштеп жатабы ? Арийне, мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам кагаз жүзүндө каткан боюнча турат. Жогорку бийликтен тартып мамлекеттик кызматкерлер кыргызча «сайрап» турбаса мамлекеттик органдарда кыргыз тили эгерим өнүкпөйт. Мамлекеттик тилди улуттар аралык байланыш тили катары коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндө колдонуп, кыргыз тилге тарбиялоону үй-бүлөдөн баштап, андан соң бала бакчада, мектептин башталгыч класстарында, кесиптик, жогорку билимберүүгө эне тилибизди ардактап, сүйүү сезимин ойготконго өзгөчө аракет кылышыбыз керек. Сөз соңунда айтаарым мамлекеттик кызматта иштегендер кыргызча сүйлөп, иш кагаздар жалаң мамлекеттик тилде жүргүзүлсүн. Демек ар дайым жүрөгүбүздө согуп турган – эне тилибиздин келечегине кам көрүп, аны кор кылбай баалап, барктап, тикебизден-тик туруп коргоп, тынымсыз өнүктүрүү мен кыргызмын деген атуулдун ыйык парзы экенин эстен чыгарбасак.

**Асан АКМАТОВ**

# Сөз башат

Кыргыз тили бай тил. Муну өз ара тиричилик сүлөшүүлөрүнөн баштап, көркөм чыгармаларды—элдик оозеки чыгармачылыкты, азыркы кездеги көркөм адабияттарды окуганыбызда эски нукура сөздөрдүн эбегейсиз көп экенинен улам даана сезебиз. Угуп билбеген тааныш эмес сөздөр ого эле көп. Алар тууралуу ар дайым айтып туралы.



**Абагай**- Атанын агасы, жакын аба.

**Абдыра**-Чоң сандык.

**Абжөөр**-Амалдуу, куу, шылуун.

**Абий-**Көгүлтүр, ачык көк, жашыл өңдүү түс.

**Абси**-Өкүнүч, убайым.

**Абу**-Булут.

**Абуз**-Кол менен жасалган көлчө.

**Абуу**-Дары болуучу, эм болуучу.

**Абыгер чегүү-**Азап тартуу, кыйналуу, түйшүк тартуу.

**Абыз**-Кудук, суу кудугу.

**Абылгазы**-Буурсундун тишин жерге терең батырып же көтөрүп, тайыз же терең айдашын тейлеп туруучу казыкча сыяктуу тетиги.

**Авжи**-Керектүү, зарыл нерсе, жандануу, шыктануу.

**Агач**-Өсүп турган дарак.

**Агача**-Байбиче, улгайган, сөөлөттүү зайып.

**Агдар**-Дайыма ак, аруу жүргөн.

**Агелес**-Курч орок.

**Ада болуу**-Түгөнүү, калбай калуу, аягына чыгуу.

**Ади**-Чек, өлчөм. Укук, акы.

**Адиса**-Кокустуктан болгон окуя.

**Ажаала**-Ээ- жаа бербей жарыша айтуу, ажылдоо.

**Ажес**-Өжөр.

**Ажыт**-Кандайдыр бир нерсенин маңызы, маани-жайы, жөнү.

**Азал**-Эчак, эчактан бери.

**Айгап**-Кашык,чөмүч сала турган баштык. Бушайман, бук, капа.

**Айпооч**-Кепиндин белден тизеге чейинороло турган бөлүгү.

**Айыш**-Бузуктук аралашкан тамаша

**Акраба**-Жакын, ынак, куда-сөөк.

**Аксын-**Ак, таза киши катарында көрүнүүгө аракет кылуу, актанууга тырышкандык.

**Алаб-**Жалын.

**Албар**-Көрүнүшү начар, кейпинен кеткен.

**Албарс**-Таза болот, болоттон жасалган курч курал-жарак.

**Алчимбар**-Аялдын кымбат баалуу сырт кийими.

**Алчын-**Жер ченегич, узундукту өлчөө куралы.

**Аначы**-Төрөткө жардам берүүчү эмчи аял.

**Андалгаз**-Эрмендин бир түрү.

**Апак-шапак**-Көк жээктеги күндүн кызылы.

**Апкөй тил**-Бал тилге салып, куулук көрсөтүүнүн, алдоонун амалы.

**Аптаба**-Колго суу куюучу узун моюндуу жез кумган.

**Апти-**Бет, жүз, өң.

**Ард-**Ун.

**Аркен**-Өзөк, негиз.

**Асбил-**Тандалган, кошмосу жок таза, эң мыкты.

**Асер**-Көңүлдө калган элес, таасир.

**Аспи**-Ат, жылкы.

**Астар**-Ичтик кездеме.

**Атимбү**-Бүбү, ырым-жырымдарды жасай билген аял.

**Баази**-Кээде, кээ бир.

**Бабырган**-Үкү тукумундагы жырткыч куш.

**Бадана**-Баатырлар кийүүчү ок өтпөс тон, соот.

**Бадирек**-Теги жаман, тукуму начар. Эч нерсени аңдабаган, оңбогур.

**Баз**-Шумкар.

**Байгөбөк-**Кулаалылар тобуна кирүүчү куш.

**Байлу**-Үкү, жапалак, мыкый үкү, бабырган.

**Байнек-**Кылычтын кынынын учундагы темирден жасалган кутуча.

**Бактөкөл-**Тобокел.

**Бакыл-**Сараң, ичи тар, дүйнөкор кунарсыз.

**Балда**-кырсык.

**Баргек-**Аялдардын чачына тагылуучу же чекесине тартып кийүүчү алтындан, күмүштөн ж.б. жасалган кооздук жасалга.

**Баркеч-**Күйөөлөп баргандагы кыздын үйүнө берилген белек-бечкек.

**Басалак-**Тегирмендин ташы.

**Башара**-Бет, өң, жүз, кебете кешпир.

**Баяк-**Казан кыргыч.

**Бейле-**Көңүл буруу, баамдоо, байкоо.

**Битик**-жазуу, кат, чыгарма.

**Битина-**Арамзалык, бүлгүн

**Биябан**-Суусуз, ысык чөл, какшыган кумдуу талаа.

**Бойро**-Камыштан ж.б. согулуп, жерге салуу же жабуу үчүн жасалган нерсе.

**Бороң**-Майы жок эт.

**Борос-**Бойдок, көзү бозоргон.

**Борч**-Карыз, насыя, бересе. Милдет.

**Бөчөк**-Кабык, коондун кабыгы.

**Бураң**-Солкулдап бойго жетип турган, жаш кырчын.

**Бурут**-Калмактар тарабынан кыргыздарга коюлган ат.

**Бустан-**Бак, бакча, огород.

**Бытый**-Кичинекей, сүйкүмдүү көрүнүштө болуу.

**Бышаң**-Жылкынын тумшугуна, жаагына салынган эн. Чаначтын оозуна өткөрүлгөн тыгын, таякча.

№9 (283)
30
09
2022

kyrgyztili@mail.ru



Бишкек шаарынын мэриясынын “Бишкек жылуулук энергокоммуналдык” ишканасынын директору ЫРСАЛИЕВ Жамалбек:

# “АСМАНДАГЫ КУШТУН ТИЛИН ТАПКАН ЭЛИБИЗ ӨЗ ТИЛИН ТАБА АЛБАЙ КАЛАБЫ?”

***– Эне тилибиз сан миң жылдардан бери ата-бабалардан калган мурасыбыз. Бүгүн “Манасты” жараткан тилибизди кантип сактап калабыз деген маселе турат. Тилди коргоп, сактап, өнүктүрүүнүн борбордон баштабасак болчубу... Демилгелүү жетекчи катары өзүңүздө кандай тажрыйба, сунуштар бар?***

– Абдан туура маселе көтөрүлүүдө. Тилдин бузулуп бараткан абалын учурда өзүбүздүн балдарыбыздан деле байкасак болот. Себеби планшет, телефон дегенди балдарды алаксытуу үчүн колуна карматып коюп атып, балдарыбыздын тили орусча, англисче чыгып атат. Эң көйгөйлүү маселе, эне тилибиз эненин сүтү менен келет дейбиз, бирок энелерибиз ымыркайына да ыйлабасын ,деп колуна телефон карматканынан улам ушул акыбалга келип отурабыз.

***– Бешик ырынын ордуна телефон карматып деңизчи...***

– Ооба, бешик ырынын ордун мультфильмдер алмаштырды. Балдар биз түшүнбөгөн, бирок өздөрүнө кызыктуу мультфильмге алаксып отуруп тили бузулуп атат. Дагы бир тилге байланыштуу эң көйгөйлүү маселе, азыр кыргыз тилин эмес орус тилин билбеген уят болуп эсептелгенинде. Эмне үчүн башка улуттун кыргызча билгендерин көтөрмөлөп басым жасайбыз дагы, өзүбүздүн балдар кичине бир сөздөн ката кетирип алса эле, орусча билбейт экен, деп басмырлайбыз. Чыныгы, нукура өзүбүздүн түпкү тилибизге, өзүбүздүн маданиятыбызга, каада-салтыбызга кайрылып, балдарыбызга бешик ырын сиңирип, тилибизди тереңден колдонмоюнча ушул абалдан чыгуубуз күмөн.

***– Мисалы, Монголияда интернет монголдоштурулуптур, коңшу Казакстанда мейли англис же орус тилдүү мектеп болсун башталгыч класста казак тилинде гана окутулат экен деп угабыз. А бизди ким “Андай кылба” дейт болду экен?***

– Жогоруда балдарга тиешелүү сунушумду айттым. Мисалы, биз эмне үчүн ишкананын кире беришине Саякбай манасчынын сүрөтүн тарттырып илдик? Себеби, бул киши ааламды таң калтырган, дүйнөдөгү эң чоң эпос “Манасты” айтып, “Гомер” атыккан. Улуу мурасты оозеки бизге жеткирген адамды даңктоо менен бирге сөз өнөрүбүздү кадырлоо максат. Ошондой эле, Саякбай атабыздын мүнүшкөрлүгүн дагы элге жеткирүү максатында да бүркүттүн сүрөтүн коштук. Ооба, асмандаган кушту кармап, ошонун



тилин тапкан кыргыз өзүбүздүн тилди таба албай атабыз. Ошондуктан жеке өзүмдүн көз карашымда, кыргыз тилин 23-сентябрда гана эстеп, майрамдап, ошо менен бата тилеп басып жүрүү уят. Учурдагы иш кагаздарыбыздын баары орусча. Азыр мэрияда кыргыз тилинде жазылбаса кабыл албаган жакшы эреже кетип жатат. Ушул көрүнүштү аягына чейин алып барсак сонун жетишкендик болот. Ал эми көчөдөгү көрнөк- жарнактар, биздин улуттук оймо-чиймелер тууралуу айтып отурса өтө терең. Ар бир оюунун маанисин бүгүнкү күндө этибар албай, аны кооздук катары гана кабыл алып калдык. Ошонун баарын эске алуу менен, көчөдөгү ар бир көрнөк-жарнакка кыргыздын нукура каада-салтынан, кан-жаныбызга сиңген касиет рух-дүйнөбүздөн тамчылатып болсо дагы бере берсек эле тамчыдан көл куралат дегендей натыйжа болот.



***– Бул эми жалпы мамлекеттик деңгээлдеги иш болуу керек го...***

– Мамлекеттик деңгээлдеги иш деп эле, баарын мамлекетке шылтап отура бербешибиз керек. Маселен, бир торгой өрттү өчүргөнгө, тумшугу менен суу ташып атса, башкалар күлүп “–Ушунча чоң өрт сенин ташыган сууңа өчмөк беле” дешет. Анда торгой “Мен Аллахтын астына барганда аракетим үчүн жооп берем” дейт экен. Ошол торгой сыяктуу ар бирибиз тамчылата берсек жыйынтык сөзсүз болот деп ойлойм.

***– Сүрөтүңүз менен бүркүт үнсүз чакырык экен да... Учурда тилдин бир айлыгы жүрүп атат, өзүңүз айткандай ал миң айлыкка айлансын, дайыма мындан күчөсүн демилгебиз. 988 кызматкер иштеген ишкананын ички абалына келсек?***

– Негизи жана айтып өткөндөй 23-сентябрь деп, бир күндү белгилеп алып майрам кылганыбыз өзү уят. 365 күндү тең эле кыргыз тилине арнап койсо боло турган деңгээлдебиз. Ишке келгенибизге саналуу айлар болсо да имараттарыбыздын кире беришинен тартып, жыйын залдарга чейин улуттук өң-түс, касиет, наркты чагылдыргыдай жасалгалоо колго алынды.

***– Ишканада тилге байланышкан кандай кемчиликтер бар?***

– Кемчиликтер иш-кагаздардын сырттан толук кыргыз тилинде келбей жаткандыгын эске албаганда дээрлик жокко эсе. Жарандар тараптан арыздар кайсы тилде түшсө ошол тилде жооп берүүбүз керек. Орусча кайрылуу болсо орусча жооп беребиз. Бирок өкүнүчтүүсү келип аткан каттардын көбүнчөсү орусча келет.

***– Эми ишкананын өз милдет жоопкерчилиги, жаңы аракеттер тууралуу айта кетсеңиз?***

– Учурда экология маселеси өтө чоң маселе. Кыштын күнү ыш башталат, ошол көйгөйгө каршы күрөшүү үчүн көмүрдүн ордуна газ менен иштөөчү от казандар алынып келинди. Көмүр менен иштеп аткан 22 от казанды газга өткөрсөк, биринчиден аба таза болот, экинчиден кыштын күнү суукта көбөйтүп, ысыкта азайтып башкарганга ыңгайлуу. Ыш маселеси өкмөттүк деңгээлде көтөрүлүп келе жаткан маселе болчу. От казандар алынып келинди, бүгүн таңгактан жаңы чыгарып бардыгын газга өткөрүү башталды. Газга которгондон кийин да альтернатива катары көмүр сакталат. Зарыл болсо көмүр даяр туруу керек.

***– Карамагыңызда 1000 ге чукул кызматкерлер иштейт экен, алардын турмуш-тиричилигин, жашоосун жакшыртуу жагдайында жаңы кандай кадамдар жасалууда?***

– Чындыгында бул өтө чоң олуттуу суроо. Себеби, мен бул жерде башчы болуп отургандан кийин ар бир кызматкер менин балам сыяктуу. Ар биринин үйүндө эмне түйшүк болуп атат, чечкенге аракет кылып, колубуздан келген шарт түзүп, кошумча каражат карайбыз. Жалпы жонунан алганда айлык акы аз. Аткарган ишибиз татаал жана газ болсо дагы, көмүр болсо дагы зыяндуулугу бар. Ошондуктан жумушчулардын шарттарын колдон келишинче оңдогонго аракеттер көрүлүүдө.

**Назира ТЫНЫСТАНОВА.**

№9 (283)
30
09
2022
kyrgyztili@mail.ru

# БАТКЕН – ЫЙ, АЗАП ЖАНА КАЙРАТ, НАМЫС!



**Баткенде кайрадан кан төгүлдү, жаш акты... Жатып албайлы, жатып алып эле сүйлөй бербейли, күйүмүш болбойлу, өз көзүбүз менен көрүп, угуп, кайран качкын, бозгун кыргыздын колун кармап, кайрат айталы, алын сурайлы, жайын сурайлы, жок дегенде жашын аарчыйлы деп, биз да- КР Президентине караштуу мам.тил жана тил саясаты комиссиясынын кызматкерлери Жакыбалиев Кутмырза, Маматкарим кызы Эркайым үчөөбүз иш-сапарда жүрүп келдик.**

### Көргөн-эткен, сүйлөшкөндөн кийинки ой-пикир жыйынтыгы мындай:

Ооба,кайран эл октон качкан кайберендин образ-кейпинде турат. Коркуу, муң, ишенбөөчүлүк, кек аң-сезимди ээлеп алган. Улгайгандары "Биз го күлү сапырылган айылдарыбызга аргасыз кайрылап барабыз, асти жаштар эми барбайт го..." дешти. Не дейбиз? Эзелтен коңшубуз, кайран энең Каныкейди жасалма түрдө тажиктин кызына айлантып, кудабыз деген, алгачкы Президент сөрөй А.Акаев ажалына арачы болгон, а азыркы башчыларыбыз Душанбеге чейин жетип барып достошкон, шартнааме тузүп келген тажик, "үчүнчү күч, террорист" деп тергейсиңби, кыскасы кыргызча **тээжик** бүгүн кыргызга эң кооптуу душман экени калппы? Жымсалдап, жайкап, өзүбүздү же бирөлөрдү алдаппы, айтор ушуга келдик.

**Биринчи,** алаамат согушту эми алдын алуунун жана элибиздин коопсуз жашоосун камсыздоонун төтө жолу мынабулар деп, эсептейбиз:

**1.** Албетте, дипломатиялык сүйлөшүүлөр жана эл аралык уюмдардын ортомчулугуна таянуу менен чегараны тез тактап, бекитүү.

**2.** Күчкө-күч топтоо.Бардык мүмкүнчүлүктөрдү, айла-амалды (тактика, стратегия) чегарага тикелөө.

**3.** Чегарадагы айылдардын жарактуу тургундарын аскер ишине даярдоо, ар дайым машыктыруу жана тыкыр көзөмөлдүн негизинде куралдандыруу.

**4.** Берекелүү, бышыкчылыктуу Баткенде миңдеген гектар талаалар ээн жатат. Кудай берген өзөн суу, дарыялар өзгө өлкө чегин карай аркырап агып жатат. Буга СССР да, эмкилер да көңүл бурган эмес. Али кеч эмес, ааламга тентиген азаматтарды кайрадан чакырып, кагылайын Баткенибизди чылк өрүкзарга айлантуу колдон келээр иш го...

**Экинчи,** жардам же гум. жардам жагдайы:

**1.** Биздин комиссиянын төрагасы К.Осмоналиев Баткен согушунун эртеси эле жыйын өткөрүп, кызматкерлердин маянасынан бир күндүк акчаны ыктыярдуу жыйнатып, кыйналган элге жөнөткөнү үзүрлүү болду. Анткени, баткендиктер азыр акчалай жардамга муктаж. Ошол үчүн, сапарга чыгаар алдында интернет аркылуу чакан жана карызгор өлкөбүздө обу жок көбөйгөн "Эл баатыры" баш болгон наам, даража, орден, медаль, дипллом, сыйургал ээлерине, армиясы жок шагыраган генералдарга, илимий ачылышы жок бакма академиктер "армиясына" кайрылган элек: "Урматтуулар- той маарекелерде манчыркап сөзү, өзү ашпагандар, жөнөкөй адамдардын түшүнө да кирбей турган олчойгон айлык, пенсияңардан Баткендеги боордошторуңарга которгула, көмөктөшкүлө!"

**2.** Азык-түлүктүн узак мөөнөткө жарактууларын гана жөнөтүү. Мисалы, ун азыктары, кант, чай,суу май ж.б.у.с.

**3.** Кийим-кече. Маселен, кайда барбайлы эски-уску кийимдер додолонуп жатат. Мындай "кожо көрсүн" гум. жардамды токтотуу керек. Эскинин эч кимге кереги жок. Качкын эл ансыз да басынып турат. Эгер бергиңер келсе жаңы кийим, төшөнчү, жууркан эмерек бергиле.

**Дүйшөн КЕРИМОВ**





# *Баатыр мүнөз элим!*



*Кас душман атып тынчытпай,*
*Кыйылды жандар кырчындай.*
*Жүрөктөр сыздайт ачышып,*
*Сыйрылган талдын сыртындай.*

*Бербейт эч кыргыз багынып,*
*Турса да мылтык жаңырып.*
*Кандаштар канча мөгдөдү,*
*Кайгыга капыс малынып.*

*Кечээги тынчтык бузулуп,*
*Кең дүйнө турду тарылып.*
*Уяны бузбас элимдин,*
*Үйлөрү күйдү жарылып.*

*Мөндүрдөй жааган октордон,*
*Канчасы кетти кайыгып.*
*Анда да баатыр, жоокер эл,*
*Калган жок жоого багынып.*
*Баатырча өлгөн атасын,*
*Балдары жоктойт сагынып.*
*Жапжаш кыз кетти асманга,*
*Зөөкүрдүн огу жаңылып.*

*Сайда акты качкан наристе,*
*Денеси суудан табылып,*
*Сай-сөөгү сыздап эненин,*
*Күйүгүп, чуркайт, камыгып...*

*Шуушундөйт каны жүрөктүн,*
*Канжары тике сайылып.*
*Тез эле мындай жарааттын,*
*Кетиши кыйын айыгып...*

*А бирок арга жок экен,*
*Убакыт өтөр агылып.*
*Чынында бар го мезгилдин,*
*Касиет-күчү дарылык.*
*Күн дагы алыс эместир,*
*Тынч жашаар муңдан арылып...*
*Эх, аттиң, буулуп мындайда,*
*Кан кайнап, түтөйт каңырык...*

*Жан кечти сымал түр-өңү,*
*Тээжиктер сыйды билеби?*
*Кырылып калар кезинде,*
*Ачылып кыргыз жүрөгү.*

*Чакырып эки тарабын,*
*Себилген тынчтык үрөнү,*
*А бүгүн ошол акмактар,*
*Кыргызга койду күнөөнү.*

*Боор ооруп койсо бул иттер,*
*Боорго тээп кайра үрөбү?*
*Кыраандар берди катыгын,*
*Кыңк этпей учту үрөйү.*
*Манастын ар бир урпагы*
*Мекенин анык сүйөрү!..*

**Кутмырза ЖАКЫБАЛИЕВ**

# Сүрөттөрдөн сөз улап...

**Бул окуянын кайсы жылы болгону такыр эле эсимден чыгып кетиптир, бирок сүрөттөрдүн эртеби-кечпи колума тийээрине, алардын бир жеринде бул сүрөттөргө биздин кай жерден, качан түшкөнүбүздүн жазылаарына болгон чоң ишеним бар эле.**

...80-жылдар экени даана. Ошол жылды тагыраак айтууга жасаган аракетимден эч пайда чыккан жок. Элибизде "Күндөрдүн бир күндөрүндө, жылдардын бир жылдарында ..." деп ырдалгандай бир күнү көчөдөн Маликага жолугуп калдым, ал мени издеп жүргөнүн, атайын Аалыкемдин тапшырмасы менен келгенин, Аалыкем жаш акын-жазуучулар менен сүрөткө түшөөрүн айтты. Акындын шаардыктардын баарына белгилүү эки кабат үйүнө шашылып жетип барсам төрт-беш киши чогулуп калган экен. Азыр боолголосом алардын ичинде Вячеслав Шаповалов, Александр Никитенко, Светлана Луговая, Светлана Токомбаева бар өңдүү эле. Уулу Улан жок болчу. Аалыкем менен учурашып, анча-мынча кобурашып тургандан кийин сүрөтчүнүн командасы менен Аалыкемди тегеректеп, кээде сүйлөшүп, бир нерсени кызуу талкуулап жаткан болуп, кээде китеп, кагаздарды колго алып, короого да чыгып, бак-дарактардын фонунда сүрөткө абдан кызуу түшкөнүбүз али эсимде. Сүрөтчүнүн айтканындай кылып сүрөткө түшүүнүн кыйындыгын мен ошондо бир сезгендей болгом, бир топ убак өткөндөн кийин эми бүттү го деп коштошо баштаганыбызда Аалыке таягын тыкылдата басып келип: "Түшкү тамактын убагы болуп калыптыр, тамак даярдап коюшуптур, шашпай тамак ичип алып, анан кетээрсиңер?.." – деп баарыбызга кайрылып калды. Ошондо алп акындын айткандарына, аңгемелерине кулак түрүп, аркы-беркиден чербиз жазылганча сүйлөшүп, чай үстүндө көпкө олтуруп тараганыбыз али күнчө көз алдымда.

Андан бери көп мезгилдер, көп тарыхтар өтүп кетти. Кылымдар алмашты, замандар алмашты, коомдор алмашты, муундар алмашты. Улам барган сайын баягы биз түшкөн сүрөттөрдү колго алып көргүм келет, бирок ал сүрөттөрдүн эч кабарын уга албадым, эч жерден жолуктурган да жокмун. Аалыкенин үй музейине баргандардан "кайра келсеңер..." деп суранам. Баргандардын баары тең эле "Жок экен..." - деп алакандарын жайып келишет.

Кызык... Бизди алдыда эмнелер күтүп турганын, эмне болоорун билбейбиз, ал жөнүндө күн мурунтан эч ким айта албайт? Дүйнө, жашоо табышмактуу, бул тээ алмустактан бери келе жаткан турмуш мыйзамы. Ошентип, "Күндөрдүн бир күндөрүндө..." баарын жыйыштырып койдум да, Аалыкенин үй музейине бет алдым. Менин эмне максат менен келгенимди уккан Үй музейдин башчысы Рахат: "Мынча издеп жүргөндө кийин, шашпай карап көрүңүз..." деп алдыма эки папка сүрөт алып келип берди. Бирден алып кечке карап чыктым. Тарыхый адамдарды, тарыхый учурларды, тарыхый документтерди түбөлүк сактап калган бул сүрөттөрдүн баа жеткис байлык экенине ичимден дагы бир жолу ынанып олтурдум. Бирок, мен издеп келген сүрөттөр булардын ичинде да жок болуп чыкканы кичине болсо да көңүлүмдү чөгөрүп койду. Чоң папкенин ичинде акыркы бир-эки сүрөт калгансыды. Акыркысын колго алып Аалыке, Касыкелерге кошулуп четте олтурган, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, таланттуу акын, талантуу котормочу, өмүрү эрте кыйылган агам Абдрасул Кылычевди көрө коюп эле "Ой, жакшы болбодубу, сейрек сүрөт таап алдым окшойт!" деп сүйүнүп кеттим. Сүрөт чын эле көпчүлүк көрө элек, өтө сейрек сүрөттөрдөн экен. Сүрөткө кыргыз элинин таланттуу уул-кыздары кайсы бир кеңешмеден же жыйналыштан кийин түшүшкөндөй. Кыргыз адабиятын алдыга сүрөгөн таланттуу акын-жазуучуларыбыздын чогуу түшкөн ошол сүрөтүн Сиздердин да көрүп коюшуңуздарды каалаар элем. Бул сүрөттөгү бир кишиден башкасынын көбүн, он чактысын тааныйт экемин. Ал аталарыбыз, агаларыбыз менен чыгармачылык уюмда бирге иштешкен күндөр, биз үчүн сыймыктуу да, бактылуу да учурлар болгонун биле жүрүңүз, азиз окуучум.

**Эсентур КЫЛЫЧЕВ**



**Олтургандар (солдон оңго):** Абдрасул Кылычев, Касымалы Баялинов, Касымалы Жантөшев, Аалы Токомбаев, Жаки Таштемиров, Сатин Абдыкеримова.

**Экинчи катар:** Смар Шимеев, Ясыр Шиваза, Алыкул Осмонов, Кайсын Кулиев, Токтоболот Абдумомунов, Кубаныч Акаев, Жумабек Кыдырмышев.

**Үчүнчү катар:** биринчи узун бойлуу агайды таанибай жатам, мен билбейт экемин, кийинкилери Узакбай Эргешбаев, Байдылда Сарногоев.

# Тил ойдун куралы, ой тилдин булагы



Кыргызымдын атам замандан бери асырап - аяп, сары майдай сактап, терең маанисин жоготпой, өстүрүп жүрүп, улам кийинки муунга бапестеп жеткирген рухий мурасы – эне тили, көрөңгөлүү сөзү. Тилдин негизги уюткусу, курамы – сөз. Тилде канча түшүнүк болсо, ошончо сөз болот. Сөз - тилдин негизги каражаты. Сөз - адабияттын куралы. Кыргыз тили салыштырмалуу – эң байыркы тил. Тил деген дайыма кыймылда болот. Анын кыймылы көзгө көрүнбөйт, колго урунбайт. Бирок тилдин куралы катары сөз гана кулакка угулуп, жан-дүйнөнү, аң сезимге кирип кетет.

Жер сырын геолог билет, тил сырын филолог билет дегендей тилдин сыры бизге уламдан-улам ачыла берет. Турмуш майданында адамдардын негизги куралы тил. Тил ойдун да куралы, ой тилдин булагы. Тилде канча түшүнүк болсо ошончо сөз болот. Бабаларыбыз айткандай баарыдан сөз улук. Оболу сөз жаралган, андан кийин улуу тилибиз пайда болгон. Сүйлөгөн тилибиз сөздөрдүн топтомунан, сөздөрдүн кошулмасынан, кандайдыр бир маанини түшүндүрмөсүнөн пайда болот. Кыргыз тили кыргыз сөздөрү дүйнөдөгү улуу тилдер менен тең ата болуп айкалышып турганы үчүн сыймыктанышыбыз керек. Ошондуктан сөз гана отко күйбөс, сууга чөкпөс нерсе, кыргызымдын улуу дөөлөтү, түгөнбөс байлыгы болуп кала берет.

*Сөз деген ачкыч – сырдашам десең*
*Сөз деген тапкыч – ырдашам десең*
*Сөз деген баскыч – кырды ашам десең*
*Сөз деген аткыч – чырдашам десең*

Эми бул ойлорумду улап, төмөнкү ырымды кыстара кетемин:

### Сайрап турсун эне тил

*Эне тилиң экзамен эмес,*
*Окубай туруп өткөндөй.*
*Эне тилиң чакмак эмес,*
*Жанып кайра өчкөндөй.*
*Эне сүтү арак эмес,*
*Ичпей коюп токкөндөй.*
*Эне тили эрин эмес,*
*Кайра-кайра өпкөндөй.*
*Эне тилиң тантык эмес,*
*Шатыратып сөккөндөй.*
*Эне тилиң байлык эмес,*
*Семирип алып көпкөндөй.*
*Эне тилиң бийлик эмес,*
*Коррупция үрөндөрүн сепкендей.*
*Эне тилиң томолок эмес,*
*Топко окшотуп тепкендей.*
*Эне сүтү бойду өстүрөт,*
*Көк Теңирге жеткендей.*
*Эне тили ойду өстүрөт,*
*Ай-ааламга серпкендей.*
*Эне тили шаңшып турат,*
*Комуз кылын черткендей.*
*Эне тилим сайрап турат,*
*Тарых жолун баскандай.*
*Балдарыма акыл болуп,*
*Бакыт жолун тапкандай.*
*Көрүнсүнчү көзүбүзгө,*
*Эркиндик таңы аткандай.*
*Угулсунчу кулагыма,*
*Манас тилин, Чыңгыз сөзүн айткандай.*
*Эне тилдин кенендиги,*
*Төбөмдөгү асмандай!*

**Миталип МАМЫТОВ, академик**

№9 (283)

30
09
2022

kyrgyztili@mail.ru

Аскар МЕДЕТОВ
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун доценти:

# “Макамга маани берели”



***– Аскар агай,Мамлекеттик тилдин абалына сиздин көз карашыңыз?***

– Анын абалы “айта берсе -- арман көп” дегендей эле. Ошол үчүн тил жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилип, министрликтер, мекеме-уюмдарда, муниципалитеттерде иш кагаздары толугу менен мамлекеттик тилге өткөрүлсүн деген талаптар коюлуп жатат.Ооба тилдин өзүнүн табигый өсүп-өнүгүү жолу болот. Азыр жаңы түшүнүктөр пайда болуп, жаңы сөздөр, терминдер кабыл алынууда. Адабий тилде 4 стилдик багыт бар. Ошолордун ичинен көркөм стиль (поэзия, проза, драмалардын стили) менен публицистикалык стиль (очерк, макала, репортаж ж.б., гезит-журнал материалдары) мыйзам кабыл алына электе же мурдатан союз мезгилинде да жигердүү иштеп келген. Кыргыз тилинде илимий стиль менен расмий-канцелярдык стиль мурда калыптанган эмес, азыр деле өнүгүп кете албай, арабөк абалда турат.

***– Иш кагаздарын мамлекеттик тилге өткөрүү тээ 90—жылдары эле башталбады беле?***

– Ооба, ошондон бери “Чубактын кунундай чубалган” ишке айланды. Мыйзам, талап кылуу, мажбурлоо жолу менен тил өнүкпөйт экен. Адегенде коомдук турмуштун кайсы тармактарында мамлекеттик тилдин жүзөгө ашпай жатышына тоскоолдук кылган көйгөйлөрдүн түпкү себептерин иликтеп, тактап алып, анан ошого жараша чараларды көрүш керек эле да.

***– Анда конкреттүү айтканда, кандай себептер бар деп ойлойсуң?***

– Облус, райондордо иш кагаздары негизинен мамлекеттик тилде жүргүзүлүп жатат да. Негизги көйгөй республикалык деңгээлдеги мекеме, уюмдарда, министрликтерде, башкача айтканда, Бишкекте десек туура болот. Жогорку Кеңеш, Министрлер кабинети жана министрликтер, комитеттер, салык, бажы, сот, прокуратуура, банк тармагында, мэрияда, жеке менчик фирмалар, компаниялларда иш кагаздары расмий тилде жүргүзүлөт.

***– Эмне үчүн?***

– Анткени ал жерде иштеген аткаминерлер, менеджерлер кыргыз тилинде сабаттуу текст жаза алышпайт. Дээрлик орус тилдүүлөр иштейт экен.

***– Кандайча, алардын колунда дипломдору бар да. Мектепте, ЖОЖдо мамлекеттик тилди окуп, экзамен тапшырышкан да?***

– Маселе ошол мектеп менен ЖОЖдордо болуп жатпайбы. Ал жерде мамлекеттик тил тиешелүү деңгээлде окутулбай. 90—жылдары орус мектептери үчүн шашылыш жазылган кыргыз тили жана адабияты окуу китептери моралдык, мазмундук жагынан да эскирген, ошол үчүн азыркы учурдун талаптары эске алынып, жаңы муундагы программалар, окуу китептери, ага кошумча окуу-усулдук колдонмолор жазылышын - мезгил талап кылып жатканын турмуш өзү көрсөтүүдө. Колледждер, ЖОЖдор үчүн мамлекеттик тилдин типтүү программасы иштелип чыккан эмес. Бардык университеттерде башка окуу китептери менен окутушат. Азыркы мезгилге чейин бирдиктүү окутуу усулу да иштелип чыккан жок. Ошого карабастан, мамлекеттик тилди окутуу боюнча бир топ тажрыйба топтолду, алдыңкы, тажрыйбалуу окутуучулар бар, ошолор иштеп чыккан инновациялык технологияларды кеңири жайылтуу керек.

***– Ошондо эле мамлекеттик тил өнүгүүгө бет алаар бекен?***

– Негизги көйгөй андан да тереңде жатат. Тилди үйрөтүүнү балдар бакчасынан баштоо керек. Жеткинчектердин эстетикалык табити, тилге болгон туюму көркөм чыгарма аркылуу ойгонот, калыптанат. Тилдик нормаларды үйрөнүү тарбия, салтсанаа менен айкалышып, үй-бүлөдөн, балдар бакчасынан башталганы жөндүү. Кенже курактагы балдар, ал тургай, башталгыч класстардын окуучулары үчүн жазылган ыр, жомок, жаңылмач, табышмак китептери, дидактикалык материалдар, усулдук колдонмолор жетишсиз. Балдар бакчаларынын, мектеп китепканаларынын фондусу жарды. Тил комиссиясына өкмөт китеп чыгарганга каражат бөлүп, ”Азыркы адабият”, “Дүбүрт”, “Дүйнөлүк адабият” деген сериялардан китептер чыгып жатат. Эми ошол каражаттын бир бөлүгүн атайын балдар адабиятына, бир бөлүгүн мектеп программасына кирген чыгармаларды камтыган “Кыргыз адабиятынын антологиясын”, хрестоматияларды, макал-лакаптарды, фразеологиялык сөздүктөрдү жетиштүү нуска менен чыгарганга мамлекет каражат бөлүп берсе, бул маселе бир топ жеңилдеп калмак. Заманга ылайык интернет булактарындагы балдарга арналган аудио-видео материалдар, мультфильмдер, оюндар, өспүрүмдөр үчүн илимий-популярдуу фильмдер, алардын дүйнө таанымын тереңдетип, көз карашын кеңейте турган бардык керектүү маалыматтар кыргыз тилине которулуп балдарга сунушталышы кажет. Бала өзүнө керектүү бардык маалыматты эне тилинде алышы керек. Жеткинчектер, өспүрүмдөр үчүн КТРКнын котормо, дубляж студиясы бул багытта көп иштерди жасашы зарыл.Соңку 30 жылда болуп өткөн социалдык деформациялар, өлкөбүздө арааны жүргөн рынок экономикасы, либералдык саясат, бийлик тарабынан мамлекеттик тилге карата болгон жүр-нары мамиле, каржылоонун өксүктүгү тилдин оожалып, тамыр жайышына кедергисин тийгизди. Азыр кыргыз тили кризис абалында турат. Анткени, бардык иштер баш-аламан , чалды-куйду. Расмий-канцелярдык стиль ушул кезге чейин илимий негизде бир калыпка салына элек. Гезит-журналдардагы материалдарда, радио-теле программаларда, жарнамаларда стилистикалык оркойгон каталар, орой сөздөр жайнайт, лексикасы өтө кунарсыз, жарды. Ушунун өзү публицистикалык стилдин да кедери кетип жатканын, журналисттердин, интеллигенциянын, мамлекеттик, муниципиалдык кызматкерлердин сабаттуулугу төмөндөп кеткенин көрсөтүп, тилибиз жакырланып баратканынан кабар берип турат. Ошол үчүн өлкөдөгү мамлекеттик тилдин ал-абалын, көйгөйлөрүн изилдеп, жыйынтык чыгара турган мезгил келди, маселе бышып жетилди. Эң эле өкүнүчтүүсү, бизде тил илими, адабият таануу тармактарынан башка илимий стилдер калыптанбаган абалда турат. Юриспруденция, экономика, саясат таануу, педагогика, философия, социология адистиктери боюнча илимий стилдин дыңы бузулбай жатат. Бул багыттардын терминдери, туюнтмалары, түшүнүктөрү, тармактык сөздүктөрү кыргыз тилинде иштелип чыккан жок. Философияда Ж.Бөкөшев, саясат таануда Ж.Жоробеков, Ч.Сыдыкбаев сыяктуу окумуштуулардын чекене демилгелерин эске албаганда, демейде илимий наам, даража дегенде буту үзүлгөнчө чуркаган кандидат, докторлордун бири да чындап козголуп, мамлекеттик тилде илимий эмгек жазганга далалат кылган жок. Илимий стиль болсо иштебей жатат дедик.Илим тармактары боюнча терминдер, атоолор системасы ирээтке келтирилип, иштелип чыгышы керек эле. Ал үчүн сөздүктөр, тармактык сөздүктөр түзүлүш керек. Ал эми медицина, техника, айыл чарбасы, так, табигый илим тармактарында жакын арада изилдөөлөр кыргыз тилинде жүргүзүлөт деп айтыш кыйын. Эмнеси болсо да, илимпоздор эне тилибизге кайдигер мамиле жасап жатышат. Илимий стиль адабий тилдин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, байыта турган, өсүп-өнүгүүсүн шарттаган негизги стилдердин бири болуп саналарын биздин урматтуу окумуштуулар билишпейби? Же алардын баары космополит болуп алышканбы? Ушундай жүйөлүү себептерден улам мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнүн өксүктөрү көбөйүп, илим тармагындагы булагы соолуп, күрөө тамыры согуп-сокпой араңжан абалда турат. Илимпоздорго караганда молдолор жигердүү иш жүргүзүшүп, динди элге кеңири жайылтуу аракетинде хадистерди жана башка диний мазмундагы китептерди араб, фарси, түрк тилдеринен кыргыз тилине которууну колго алышып, саман-топонун аралаштырып, диний китептерди тынбай чыгарып, сатуу, таратуу иштерин да жолго коюп алышкан. Бирок, чыккан китептердин тексттеринин баары сабатсыз, орфографиялык, пунктуациялык каталарды эске албаганда да, келегей тил менен өөдүк- сөөдүк которулуп, тажрыйбасы жок дилетанттар тарабынан кыргызчаланган бул диний китептер аңсыз да чайналып, араң турган эне тилдин кутун учуруп, кунарын кетирип жатканы өкүнүчтүү.

***– Абалды оңдоо үчүн бийлик тарабынан дагы кандай чаралар көрүлүшү керек?***

– Өткөн жылы “Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция” тууралуу Президенттин Жарлыгы чыккан. Кыргыз коому ааламдашуунун шарпында кетип бараткан учурда тилдин көйгөйлөрүн да камтыган бул Жарлык өз учурунда кабыл алынган маанилүү документ болду. Ушул концепция боюнча иштер жүргүзүлүш керек. Эми тил маселесинин чети оюлбой жатат. Ага карабай аракет кылышыбыз керек. Илгери Конфуцийден “Эгер сизди падыша кылып дайындаса, ишиңизди эмнеден баштайт элеңиз?” деп сурашканда, ал эч ойлонбой туруп, “ ишти адегенде тилди тазалоодон баштамакмын” деп жооп бериптир. Мындай жоопко таңкалган адамдарга карап, “эгер бир тилде ырааттуулук болбой башаламандык өкүм сүрсө, анда адам өз оюн толук түшүндүрө албайт. Эгер ал өз оюн толук жана туура түшүндүрүүгө дарамети жетпесе, анда анын кылган иши аксайт. Ал эми иш аксаган жерде тартип бузулуп, маданият жоголот. Эгер маданияттуулук болбосо, анда адилеттүүлүк да болбойт. Ал эми адилеттүүлүк болбогон жерде эл карайлап, эмне кыларын билбей калат. Ошондуктан, тилден маанилүү эч нерсе жок.”деген экен. Ошон үчүн баарыбыз макамга маани берип, тилди өнүктүргөнгө кол кабыш кылалы.

**Даярдаган Назира ТЫНЫСТАНОВА**

№9 (283)
30 09 2022
kyrgyztili@mail.ru

# ТИЛ САЯСАТЫН ТУУРА ЖҮРГҮЗҮҮ МЕНЕН...




**Тил саясаты - мамлекеттеги тил проблемаларын чечүү боюнча идеологиялык принциптердин, тилдин тагдырын белгилеген мамлекеттик иш-чаралардын жана мыйзам актыларынын жыйындысынан турат. Мамлекеттин кайсыл тил мамлекеттик тили экендигин аныктаган Мыйзамы - тил саясатынын бир бөлүгү. Мисалы, Францияда бир жарым кылымдан бери мыйзам боюнча ар бир француз улуттук тегине карабастан мектепте француз тилинде окуганга жана полиция, сотко французча гана кайрылууга милдеттүү. Биз дагы ушундай кыргыз тилине зарылчылык жаратмайын кыргыз тилин өнүктүрө албайбыз. Негизи бардык эле өлкөлөрдө өз тилинде сүйлөбөгөн киши иштей албайт. Мисалы, Россияда орусча билбесең жумушка орношо албайсың.**

“Тил саясаты” деген термин биринчи жолу 1930-жылдары Африканын жана Азиянын тилдерин изилдеген чет өлкөлүк лингвисттердин эмгектеринде пайдаланылган (Dove, 1928; Lopes, 1931; Westerman, 1928). Батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү көбүнчө тил саясатына синоним болгон “тилдик пландоо” деген терминди пайдаланышат. Тил саясатын конкреттүү тилге карата колдонуунун негизги максаттары колдонулуудагы тилди сактоо жана колдонуулуудагы тилди өзгөртүү болуп саналат.

“Тил саясаты” илимий түшүнүгүнө түрдүү факторлор кирет: улуттук демографиялык (региондун тургундарынын улуттук курамы, түрдүү улуттардын жайгашуу ыкмалары, алардын социалдык дифференциациясы, билим деңгээлдери), лингвистикалык (тигил же бул тилдин түзүмдүк жана функционалдык абалы, байланыштын түрдүү чөйрөлөрүндө колдонуу үчүн функционалдык стилдердин болушу, терминологиялык системанын, жазуу салттарынын болушу), материалдык (сөздүктөрдүн, сүйлөшмөлөрдүн, окуу куралдарынын болушу), адам фактору (тил өкүлдөрүнүн баалуулук багыттары, алардын тилдик компетенциясы, экинчи тилди өз алдынча окуп-үйрөнүүгө даярдыгы).

Тил саясаты көп улуттуу мамлекеттерде улуттук саясаттын маанилүү компонентин түзөт жана ушунун натыйжасында мамлекеттин конституцияга ээ болушун түзүүчү фактор болуп калат.

Ал эми тил менен коомдун өз ара байланышын изилдөөчү илим социолингвистика деп аталат.

Кыргыз Республикасында тил саясатын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жүргүзөт.

Тил саясатын жүргүзүүнүн башталгыч элементтери мектептен башталат. Азыркы мезгилде мектепте окутуучу сабактар боюнча дээрлик бардык окуу китептери кыргыз тилинде жазылган. Ал эми орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз



тилиндеги окуу китептери бардык эле сабактар боюнча жазыла элек. Албетте элеттен келген студент дароо эле бөтөн тилдеги окуу китеби боюнча окуп, ага тиши өтө электе кошумча илимий адабияттарды окуусу өтө эле оорчулук келтирет. Натыйжасы азыраак болот. Жогорку класстын окуучулары, студенттер үчүн “Эврика” сыяктуу эне тилдеги илимий-популярдуу китепчелер өтө эле аз. Мындай китепчелер баланын терминдерди тезирээк өздөштүрүүсүнө, сабакты тереңирээк билүүлөрүнө өбөлгө болоор эле. Мисалы, заманбап техника болгон компьютер боюнча кенже курактагы окуучулардан тартып студенттерге чейин ар кандай деңгээлдеги жомок, фантастика, аңгемелерди, компьютердин терминдерин камтыган китептерди кыргыз тилинде чыгарууга неге болбосун. Жаза турган адистер деле жетиштүү.

Япондор бала 10-11 жашка чыкканга чейин өзүнүн тилин гана окутуп, маданиятын үйрөтөт. Венгрияда мамлекеттик тил деген түшүнүк жок экен. Бирок ал өлкөдөгүлөр улутуна карабастан мажар тилинде сүйлөшүп, көчөдөгү көрнөк, жарнактары жалаң гана мажар тилинде жазылып, чет тилдегилери (англис, немис) бир бурчуна кичине шрифт менен жазылат экен. Латвия, Эстонияда иш кагаздары өз тилинде жүргүзүлөт. Эстонияда бардык мектептер эстон тилинде гана окутат. Ал түгүл ошол өлкөдө алкоголдук ичимдиктерди сатканда түшкөн кирешенин 1 пайызы балдар китептерин чыгарууга жумшалат экен. Биз болсо бала бакчадан баштап эле чет тилдерди үйрөткөнгө аракеттенүүдөбүз. Бул терең жаңылыштык экенине эч кимибиздин акылыбыз жетпеди. Алсак, 2019-жылдагы маалымат боюнча Бишкекте 82 бала бакча болсо, анын 55и орус тилинде, 19у аралаш тилде, 8и гана кыргыз тилинде тарбия берет. Ал эми Бишкек шаарында 96 мектеп болсо, 52си аралаш тилде, 32си таза орус тилинде, 11 мектеп гана кыргыз тилинде окутат экен. Ал эми орус тилдүү бакчада тарбияланган балдар орус мүнөз болуп калышаары баарыбызга белгилүү эмеспи. Бала кезде мээсине сиңген сөздү кийин оңдош кыйын. Бала бакча милдеттүү түрдө кыргыз тилинде болуш керек эле. Бакчадан, мектептен орусча окуган балдардан жакшы илимпоз чыкканы менен, же кыргыздын, же орустун тилин, маданиятын мыкты билбегенин көрүп эле жүрбөйбүзбү. Бул билген кишиге чоң трагедия.

Азыр чыгарылган китептердин саны, аталышы көп эле. Бирок, китеп сатып алып, балдарга берип койсоң эле билимдүү болуп калат деп ойлобо. Аны окуш керек. Балдарга кандайча окуганды үйрөтүш керек.

Окуу китептери менен гана чектелгендиктен азыр окуучулардын, жаштардын сөз байлыгы аз, сүйлөшүү маданиятын жакшы билбейт.

Эне тилди жакшы окутууну, кыргыз сөз байлыгын үйрөтүүнү бир гана кыргыз тил мугалимдерине жүктөбөстөн, бардык сабактардын мугалимдерине кыргызча сабаттуу окутууну тапшыруу керек.

Албетте окуучуларга билим берүүдө кыргыз тилиндеги окуу китептери жазылган менен деңгээлдери өтө мыкты деп айтыш али эрте. Ал китептерде коюлуучу илимийлүүлүгү, уланмалуулугу, сабактар аралык байланышы ж.б.у.с. талаптар аткарылганы менен тилдин тазалыгы, тактыгы, окуучуга жугумдуулугу, өзүнө тартышы али толук канааттандырбай келет. Кыйла терминдер орусча (интенационалдык) алынып, башка окуу китептери менен бирдей эмес. Сүйлөмдөр өтө татаал болуп, окуучунун түшүнүүсүн татаалдаштырып, сабакка болгон кызыгуусун төмөндөтөт.

**Ысмайыл КАДЫРОВ**
**жазуучу.**



# ТУУРА ЖАЗ!

*Ыссык, ызык эмес ысык*
*Барыш керекпиз эмес барышыбыз керек*
*Күлкүмүштүү эмес күлкүлүү*
*Бартам, келтам эмес баратам, келатам*
*Дозум, дозм,досм эмес досум*
*Даарыкана, даары эмес дарыкана, дары*
*Оа,ова,оба эмес ооба*
*Үй-бүлөө эмес үй-бүлө*
*Көптөр эмес көпчүлүк*
*Ыссык-Көл эмес Ысык-Көл*
*Алдыңкы эмес алдынкы*
*Айыппул эмес айып пул*
*Барайлы эмес баралы*
*Жаамат эмес жамаат*
*Андалек эмес анделек*
*Чочун эмес чоочун*
*Чоогу,чогу эмес чогуу*
*Айланпа эмес айлампа*
*Кечөө эмес кечээ*
*Жагатпы эмес жагабы*
*Болотпу эмес болобу*
*Жокбу эмес жокпу*
*Айткан жокко эмес айткан жок го*
*Тилеке каршы эмес тилекке каршы*
*Тезираак, тезирек эмес тезирээк*
*Табийгый, табыйгый эмес табигый*
*Кандайс эмес кандайсыз*
*Жакшыспы эмес жакшысызбы*
*Денсолук эмес ден соолук*
*Жүрөспү эмес жүрөсүзбү*

№9 (283)
30
09
2022
kyrgyztili@mail.ru

# Психологиялык түшүнүктөрдүн мааниси чоң



**Бүгүнкү күндө коомдук турмушта өзгөрүүлөр кызый, жашоонун темпи тездеп, илимий-техникалык прогресс күчөп, жаңы маалымат коому түзүлгөндө тилдин өнүгүп, өзгөрүшү да тездикти талап кылууда. Ааламдашуу процессинде маалыматтын тез алмашуу мүмкүнчүлүгү эне тилибизге чет элдик терминдердин өтө көп киришине ыңгайлуу шарттарды түзүп, кыргыз тилинде көптөгөн илимдердин тармактары боюнча котормо, оригинал китептер жарык көрүп, илимий терминология өнүгүп жатат.**

Башка илимдер сыяктуу психология илими өзүнүн терминологиялык системасына ээ. Кыргыз тилинин психологиялык терминдери тилдик ички жана сырткы булактардын базасында түзүлүп келүүдө.

Коомдогу мындай процесс кыргыз тилиндеги психологиялык терминдердин өнүгүшүн жана калыптанышын кескин өзгөрүүгө учуратып, психологиялык терминдердин турмушта колдонулушу өтө тездик темп менен жүрүүдө: психология илимине тиешелүү окуу китептеринин орус тилинен кыргыз тилине көбүрөөк которулуп, кыргыз тилинде психология боюнча окуу китептери жазылып, психологиялык терминдердин калыптануу жараяны тездик менен жүрүп жатат. Натыйжада кыргыз тилиндеги психологиялык түшүнүктөр жана терминдер системага түшө баштады.

Коомдогу мындай көрүнүш үч фактордун таасиринен жаралды десек туура болот. Биринчиси, билим берүү жаатында ар кайсы чет өлкөлүк долбоорлор менен иштеп жаткан уюмдар таалим-тарбияга байланыштуу кыргыз тилинде көптөгөн китептерди басмадан чыгарып, мугалимдердин колуна берүүдө. Ал китептерде психологиялык терминдер жыш камтылып, эл арасына ал терминдер,түшүнүктөр кеңири жайылууда. Экинчиси, китеп бизнесинин өнүгүшүнөн улам кардарлардын талабын эске алган китеп сатуучулар психологиялык мазмунга ээ болгон: инсанды өнүктүрүүчү, тез байып кетүүнү үйрөтүүчү, ийгилике жетүү сырларын үйрөтүүчү С.Давлатовдун “Мен жана акча”, В.В.Синельниковдун “Өз оорунду сүйө бил”, Р. Киясакинин “Бай атам, кедей атам”, Хэл Элроддун “Таңкы убакыттын сыйкыры”, Китами Масаонун “Кылычсыз самурай”, Брайтон Трейсинин “Келишим түзүү чеберчилиги”, Сулейман Хежебилдин “Балдар психологиясы” ж.б. китептери кыргыз тилине которулуп, окурмандардын колуна жеткирип, эл арасына психологиялык терминдердин жана түшүнүктөрдүн кеңири жайылышына шарт түзүлдү. Мындай адабияттардын жарык көрүшү жаңы психологиялык терминдердин эне тилибизге киришине, такталышына, жатык болушуна жана психологиялык терминдердин калыпка түшүшүнө өз салымын кошууда.Үчүнчүсү, ислам аалымдары тарабынан Куран китебиндеги психологиялык түшүнүктөр, терминдер дингe берилген адамдар аркылуу элге кеңири тарап, кыргыз тилиндеги психологиялык терминдердин турмушта колдонуу чөйрөсү кеңейип, анын байышына алып келүүдө. Натыйжада психологиялык маселелер күнүмдүк талкуу темасына айланып, коомдун психологиялашып калышы кыргыз тилиндеги психологиялык терминдердин маанилик жана лексикалык жактан байышына өз таасирин тийгизип жатат.

Кыргыз тилиндеги психологиялык терминдерди тактоо жана иретке салуу, жайылтуу бүгүнкү күндө өтө актуалдуу болууда. Бул Кыргызстанда педагогикалык ЖОЖдор, колледждер ж.б. окуу жайлардын саны өсүп, аларда кыргыз тилинде психология сабактары окутулуп жатышы менен байланыштуу.

Учурда ЖОЖдо болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоодо мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген атайын кесиптик дисциплиналар катары «Жалпы психология», «Курак психология», «Социалдык психология», «Педагогикалык психология» сыяктуу психологиялык предметтер окутулат. Аларды үйрөтүүдө студенттер предметти терең өздөштүрбөй кала тургандыгына күбө болуп жүрөбүз. Бул көйгөй студенттерге психологиялык терминдерди үйрөтүү менен байланыштуу экендигин иш практикабызда аныктадык. Бирок азырга чейин Кыргызстандын жогорку жана орто педагогикалык окуу жайларында психологиялык терминдерди колдонуу бирдиктүү жана ырааттуу системага түшө электигинен студенттер үчүн психологиялык дисциплиналарды үйрөнүүдө бир топ кыйынчылыктар жаралат.

Ал төмөнкүлөр менен байланыштуу.

1. Кыргыз тилинин психологиялык терминдери али толук иретке салына элек. Бир эле терминди ар башка мааниде колдонулган учурлар өтө көп кездешет: Мисалы: орусча “чувство” термини кыргызча “туюу”, “сезим” деген эки термин менен берилип журот, ж.б.у.с. учурлар өтө эле көп кездешет.

2. Бир эле термин, бир эле окуу жайда психологияны окуткан окутуучулар тарабынан ар түрдүүчө колдонулат. М: Группа термини - топ, тайпа, кор болуп колдонулган учурлар кездешет. Ал эми потребность - керектик, муктаждык болуп колдонулат ж.б.у.с.

Психологияны кыргыз тилинде окутуудагы мындай абал, албетте студенттердин психологиялык дисциплиналарды жана психологиялык терминдерди терең өздөштүрүүсүнө өзүнүн терс таасирин тийгизет жана студенттерде чаташууларды пайда кылат.

Абалдан чыгуу максатында айрым окутуучулар психологиялык сабактарды окутууда студенттерге терминдерди жаздыруу ыкмасын колдонушат. Бул ыкма студенттердин психологиялык дисциплиналарды терең өздөштүрүүсүнө өзүнүн оң таасирин тийгизерин белгилешет. Бул айтылгандардан жогорку жана орто педагогикалык окуу жайлары үчүн кыргыз тилинде психологиялык терминдердин түшүндүрмө сөздүгүн түзүү өтө зарыл экендиги белгилүү болот.

Бул багытта иштер жүргүзүлүүдө. Кыргыз тилиндеги психологиялык терминдерге байланышкан сөздүктөр мен тарабынан 1997-жылдан тарта бүгүнкү күнгө чейин даярдалып, студенттердин колуна берилип, окурмандардын калың журтунун сынына коюлуп келе жатат. Алгач психологиялык терминдер 1997 - жылы “Психология терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү” деген ат менен жарык көргөн. Кийин сөздүк “Кыргыз тилиндеги психологиялык терминдер” деген аталышта бир нече ирет жарык көргөн.

Көп жылдардан бери психологиялык терминдерди кыргызча сүйлөтүү жаатындагы үзүрлүү эмгегимдин натыйжасы катары “Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгүнүн” (2022 –ж.) даярдалышын айтууга болот.

Аталган сөздүктө жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген, университеттин педагогикалык багытынын окуу планындагы адам, курак, педагогикалык, социалдык жана балдар психологиясына, этнопсихологияга тиешелүү болгон түшүнүктөр жана терминдер топтоштурулуп, түшүндүрмөлөр берилген. Сөздүктүн артыкчылыктары бир топ. Кыргыз тилинде психология боюнча окуу китептер, окуу куралдар жаан усулдук колдонмолор жетишсиз жана жок болуп жаткан шартта, сөздүк окуу китебинин кызматын аткарат.

Аталган сөздүктүн даярдалышын мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымыбыз катары кароо туура болот. Кыргыз тилиндеги психологиялык терминдердин такталышы мамлекеттик тилдин турмушка ашуусун шарттайт.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе футурологдордун (Э.Тоффлер) айтуусу боюнча маалымат технологиялары өнүккөн шартта билим берүүдө энциклопедиялар, справочниктер, сөздүктөр өтө керектүү окуу куралдары катары кызмат кылат. Анткени студенттер зарыл маалыматтарды тез жана оңой таба алат, кесибин өздөштүрүүсүнө өбөлгө жаратат.

**М.С.МУРЗАЕВ**
**И.Арабаев атындагы КМУнун психология кафедрасынын доценти, психология илимдеринин кандидаты, доцент.**

# ТУУРА СҮЙЛӨ!




**Если что звонить эт** -Бир нерсе болсо чал.

**Мага вообще баары бир**– Мага баары бир.

**Не кылтасын дозм** – Эмне кылып жатасың досум?

**Всем общий салам** – Баарыңарга салам.

**Өзүң каксың** – Өзүң кандайсың

**В обшем ошондой** – Жалпысынан ошондой.

**Повод таппай турган** - Шылтоо таппай турган

**Буга терпением жетпейт** - буга чыдамым жетпейт

**Сдача берип коёсузбу** – кайтарым берип койосузбу

**Остановкадан токтотуңуз**– Аялдамадан токтотуңуз

**Проблема көбөйүп кетти** – Көйгөй көбөйүп кетти

**Единицам түгөнүп калды** - бирдигим түгөнүп калды

**Важный жолугушуу бар**– Маанилүү жолугушуу бар

**Счётту берип койосузбу** - Эсебин берип коёсузбу

**Именно ушул адам** - Дал ушул адам

**Собранияда отурамын** – Чогулушта отурамын

**Конечно аныкы туура** - Албетте аныкы туура

**Ссылканы скачать эттим** - Тиркемени жүктөдүм

**Точно саат үчтө** – Так саат үчтө

**Мобуреки жерге койгом** – Мынабу жерге койгом

**Сегизөө чогуу келишти**- Сегиз адам келди

**Атка имдим** – Атка миндим

**Арбуз жедик** – Дарбыз жедик

№9 (283)
30
09
2022
kyrgyztili@mail.ru

# Иштиван – бүкүрдүн махабаты

(Адабияттан жаралган аңгеме)

Бул окуя тээ илгери-илгери Австрия-Венгрия империясынын гүлдөп өсүп турган убагында болгон. Аймак менен өрөөндөрдү, алардагы айылдарды өзүмдүк кылып бөлүп алышып, барондор менен пандар элдерди өз менчигиндей көрүшүп, башкарып турушчу. Жакшы көргөндөрүнө дың жерлүү айдоо аянттарын беришип, токой кыркып, аң ууласаң же балык кармасаң да уруксат алышың керек эле. Ал гана эмес тойаштарга да уруксат алышып, жаңы үйлөнгөндөр тойдон кийин "биринчи түндү" барондорго арнашкан. Антишпесе, муну "жапайычылык" катары карашып, "уяты жоктор, силер эмне каяктагы жорукту баштадыңар? Салтты, маданиятты билбеген жапайы француз, немис болуп калгансыңарбы?", деп тилдешип, жаман көздөрү менен карап калышчу. Ошо биринчи түндөн кийин барондор жаш үйлөнгөндөргө жер бөлүп, унаа, отун-суу жана акчалай жардам беришчү.

Энеси: Балам Баронго жакпасаң тезек терип, күл чыгарып, өмүр бою жокчулукта өтөсүңөр, кыйналасыңар, десе, чоң энеси жер чукулап, айласы алты кетип, үйлөнөм деп камданып жаткан небересине акыл үйрөтүп: --Эмнеге үңкүйөсүң, 70ке чыккан биз деле Барондун "элегинен" өтүп, силердей бала-чакалуу болуп, турмушубуз өтпөдүбү. Муну салт, үрп-адат деп коет. Барондор акылдуу болушат, баары байлар. Кудай да, өкмөт да алар тарапта, алардын этегин кармаш керек десе, небереси: – Эмне эле күңкүлдөйсүңөр, макул дебедимби, деп шылкыйчу. Эң кызыктуусу үйлөнүү тойдон кийин барондор чын эле жакшы жардамдашып, жаш келин менен жаркылдап алыш-бериш кылышчу.

Ал эми жигиттер, мен да бир убакта барон болсом, пан болсом, деп кудайга жалынышчу. Күндөр айларга, ай жылдарга алмашып, жашоо ошонусу менен кызык эле.

Ошентип, кыңк эттирбей алты айылды башкарган Барондун замогунда бир күнү 20-22 жаштардагы кымча белдүү, көзү бакырайган, мурду кырдач сулуу кыз пайда болуп, анын кайдан, каяктан келгенин бир кудай, анан Барон билбесе тарыхын эч ким билбейт. Ал "кара далы" кыз Барондун замогунда үй кызматын тейлейт. Мына ошондон бери 32-35 жыл өтөт. Ал кыздын аты Гертруда эле. "Сыры кетсе да сыны кетпеген" Гертрудага далай эркектер артынан башын чайкап, "бах" деп калышчу. Барон андан кийин да эки "кара далы" кыз таап, алар ашпозчу жана гүл тигүүчү кызматтарын аткарышат.

Барондун замогунда ал кыздар менен кошо ийне жуткан иттей болуп, сылтып баскан, бели бүкүр, кыз-келиндерге көйнөк тигип тон бычкан тигүүчү, багар-барар жери жок ришард бир бөлмөдө күн кечирчү. Аты Иштиван эле. Ал кээде Барондон карыз акча алып, тери, кездемеге коротуп, тигүүчүлүк менен алектенчү. Качан Гертруда тамакка чакырат деп, сол жактагы эшикти уламулам карай берип, башы да сол жакка кыйшайып калган.

Анын минтип "кыйшык" болуп калганын өзү билбесе да Гертруда жакшы билет. Жаш кезинде Гертрудага тийишимиш болгонун Барон билип калып, тил уккандан кийин көчөгө кууп салбасын деп, кысчу жерин кыскан. Акыры Иштиван элүүдөн ашкандан кийин аялзатын унутуп, болгон сүйүүсүн кездемеге, топчу-шуруга, кийим тиккич машинеге арнап, көз айнек тагынып, сөз сүйлөгөндөн калып, "куу жыгачка" айланып баратканын өзү да сезбей калды. Маршруту: тигүүчү бөлмө, ашкана, туалет, кайра эле ашкана, туалет, бөлмө болуп, чачтары да түшүп, бир ийни өйдө, бир ийни төмөн саландап, кээде кыңылдап ырдап койгонуна жанындагылар таң калышчу.

Барон короосундагы эс алуу сөөрүсүндө токай виносун ичип отурганда Иштиван туалет тарапка өтүп калды. Кытмыр күлгөн Барон ага карап: -Кайра өтүп баратканыңда мага кайрыл, колуңду жууй кел,-деди. Барон бул айткан "учкул" сөзүнө өзү ыраазы болуп, каткырып күлдү. Иштиван колун самындап жууп, Барондун жанына келди.

– Иштиван, мына кудай астында турабыз. Бул ой мурда эле башыма келген, мына эми айтууга туура келип турат. Кудай тиги дүйнөгө барганда менден сурайт, "эмнеге Иштиванды үйлөнтүп койгон жоксуң", деп. Үйлөнтөйүн, тоюңу өткөрөйүн, макулсуңбу?—Барон чын дили менен айтып аткан эле.— Жашың 60тан ашкандыр?

– Ооба, 62демин. Эми... эми, үйлөнүү деген оюма деле келген жок. Иштен кол бошобойт,-деди чын пейили менен.—Кимге үйлөнөм, азыр мага эч ким деле тийбейт го...

– Тиет. Гертага үйлөн. Мен аны макул кылам,-деди Барон маселени кабыргасынан коюп.

Иштиван кытмыр күлдү:

– Болбойт го... Эми Сизден кийин... Барондун токолдорунун бирин алыптыр деп сөз болбойбузбу,-деди.

Барон тырчый түштү:--Мен сага жаман сөз айткан жокмун го.

– Эми Сизден кийин уят го?

– Уялгандай сен кимсиң? Өзүңдү күзгүдөн карадың беле,-деп ачуусу келе түштү.-Жиниме тийбей жүр, болбосо шаарда тентип жүргөн 80 жаштагы кемпирге үйлөнтүп коем...

Иштивандын жүрөгү түштү. Барон мурутун чыйрата баштады. Бул анын ачуусу келе баштаганынын белгиси болчу.

– Соодаң кандай жүрүп жатат?- деп Барон сөздү бурду. Анын ою башкада эле.

– Начар. Заказ жок. Канча тиксем да эч ким келип албайт,-деди тагдырына таарынган Иштиван. Кыз-келиндер тиги өйдөкү айылда жашаган ришарддын тонун, көйнөгүн алып жатышат. Мага келишпейт.

– Начар тиксең келбейт да. Ал оймо-чийме кошуп, кымча белдүү кылып тиксе, эл ошонукун алат да...

Бир аздан кийин Барон сөзүн баштады:

– Эми мындай сүйлөшөлү, кол алышалы, мелдешели. Сенин эч нерсең деле кетпейт. Ошо, жарым жылдан кийин кыз-келиндер Ришардга барбай сага келе баштаса, Гертрудага үйлөнөсүңбү?

Кантип эле ошондой болсун деп ойлоно түшкөн Иштиван:

– Мейли, андай болсо үйлөнөм,-деди.

– Анда колуңду бер. Эгер үйлөнбөсөң 20 шапалак алам. Макулсуңбу?

– Макул.

Алар кол алышты.

Барон ичинен ойлонуп койду: "Ии-ий шоордуу". Бул окуя бат эле Гертрудага жетип, анан бүт айылдарга тарап кетти.

Ошентип, күндөр өтө баштады. Барон ошол алты айылдагы өңдүү-түстүү келинкыздарды ар бир он күндө бирден чакырып, аркы айылдагы кийим тигүүчү ришарддын кыз-келиндер үчүн тиккен тондорун, көйнөк-кечектерин аларга белек кылып бере берди, албетте бекер эмес. Бирок, алты ай өтпөй айыл- апада ушак айың, күбүр-шыбыр башталды. Тиги Барон абышка кыз-келиндерди чакырып, бир түн "тойлошуп" анан кийим-кечек берет экен деп. Эми Баронду каалаганы да, каалабаганы да бир түн жатып, бир тон кийип келебиз деп келе баштышты. Ошону менен катар "Ий-ий бетим ий, тигил келин тон кийип жүрөт, Барон чал менен жатыптыр" деген сөз чагылгандай тарап, келин кыздар ришарддын тиккендеринен баш тартышып, кийбей калышты. Эми алар Иштиванды көздөй агылышты.

А дейсиңер, бу дейсиңер, келин- кыздар Иштивандын кийимдерин ала баштады. Айыл-ападагылар ришарддын тонун, көйнөгүн кийгендерди "чалдын токолдору" деген атка кондурушуп, кыз-келиндер бири-бирин шылдыңдамайга өтүштү.

Бир күнү Барон Гертруда экөө сөрүдө отурушса шыпылдап көңүлү көтөрүлгөн, кийимдери оңолуп, атыр куюнмайынча көчөгө чыкпаган Иштиван өтүп калбаспы.

– Эй эргул, бери кел, иштериң кандай? Жылыш болуп жатабы,-деп сурады Барон.

– Эң сонун. Тим эле укмуш, заказдардын көптүгүнөн уйку жок.

– Анда жакшы. Эми эргул, Гертрудага үйлөнөсүңбү?- деди эле Иштиван кытмыр күлүп:

– Болбойт го... болбойт го,-деп ачык айтты, себеби чөнтөгү акчага толо баштаган.

– Анда,-деп сөзүн баштады Барон,-20 балагымды бересиң, качан алайын.

Нары-бери кылып балагынан кутулайын, баары бир эми кыз келиндер мага келе берет, ошолордон көңүлүмө жаккан бирин алам да, эми той өткөзүп бер дейм да,-деп ойлоду Иштиван.

– Эртең саат 11де шапалакты алам,-деди Барон.

Барондун кекчил, бир нерсени аягына чыкмайынча кууп жүрө берерин Гертруда жакшы билчү.

Замокто ат баккыч Хохол бар эле. Бою эки метрден ашкан, өңү суук, келгендер анын муштумун көрүп эле даап сүйлөй алышчу эмес. Бир жолу ал шым тигип бер деп таар алып келе Иштиван-бүкүр аны тилдеп кууп салган. Эми эртең Иштиванбүкүрдөн 20 шапалак аласың дегенде "Кезегим келген экен" деп ичинен сүйүнүп, жоондугу бармактай болгон өгүздүн терисинен жасалып, тал чыбыктай ийилген бир жарым метрлик шапалагын туздалган жылуу сууга салып камдап койду.

Эртеси күнү кайдан-жайдан укканы белгисиз отузга жакын кыз-кыркын, чалкемпир, катын-калач, бала-чакалар короого чогулуп калыптыр.

Барон сөрүдө Гертруда экөө сүйлөшүп отурушат, кеп Иштиван-бүкүр жөнүндө болуп жаткандай түрү бар.

Иштиван-бүкүр келип, Хохол экөө бир аз сүлөшүп турушту.

– Сени байлап койгонум өзүң үчүн эле жакшы,-деди Хохол,- антпесе дыргаактап качып элге өзүң эле уят болосуң.

"Эптеп чыдайм да", деп өзүн-өзү сооротуп жатты бүкүр. Бирок, Хохол ороолгон чүпүрөктүн ичинен шапалакты алып чыкканда "Омиий-шумдугуң кургурдуку, бул тийсе оңбой калдым го", деп эси аңтарылып, башы чаба электе эле тегеренип кетти. Бирок, кеч болуп калган-колу түркүккө байлануу эле.

Эл журт, Барон, Гертруда болушуп, араң жан, арык, көзү алаңдаган, жан соогалагандай түрү бар, өзүнөн өзү бүрүшүп кичирейип кеткен Иштиван-бүкүр менен анын жанындагы узун шапалакчан Хохолду көрүшкөндө, акыр заман келип калгандай чокунуша баштады. Иштиван-бүкүрдүн түрү кадимки крестке кагылган Иса пайгамбардыкынан да жаман болчу.

Барон "Ура бер" деп колун жаңсаганда Хохол шапалагын асманга эки жолу айлантып, анан күчүнүн бардыгынча урганда эл журт жымжырт боло түшүп, анан "дуу" бакырып калышты. Дөөдөй болгон Хохол шапалагын асманга үчүнчү жолу айлантып, эми ураарда "Апаaa, Апа-аа, алам! Алам!" деп кыйкырып эстен танды. Күлөнүп калган Хохол экинчи жолу уруп калды.

– Хохол, ай Хохол, алам деп айттыбы?-деп Барон сураганда:

– Ооба, эки-үч жолу айтып, анан эсинен танды,-деди Хохол.

– Хохол,-деп кыйкырды Барон.-Гертруданын бөлмөсүнө алып бар. Анан Гертрудага кайрылып:--оңбой калды, өлүп калбасын, жакшылап багып, айыктырып күйөө кылып ал,-деп туруп кетти.

Иштиван-бүкүр үч күндөн кийин эсине келип, оозуна суу тамызып жаткан Гертрудадан "Мен каердемин" деп араң сураганда "Үйүңдөсүң", деген жоопту укту. Бир деме деп сүйлөөрдө Гертруда:-Дагы 18 балагым бар деп Хохол күн алыстан келип жатат,-дегенде кайрадан эсинен танды.

Кийин эки ай өтүп эсине келгенде Гертруда:-Биринчи жолу чапканда эле алам, алам деп кыйкырбайсыңбы десе –Каяктагы кыйкырмакты айтасың , үнүм чыкпай калбадыбы... Мени жонго Александр Македонскийдин кылычы менен чаап, экиге бөлүп салгандай болбодумбу! Баарынан да тиги акмактын экинчи жолу чапканынан кийин эч нерсе билбейм.

– Сийип жибергениңди да билбейсиңби?

– Жок,-деп башын чайкады.

Кызыгы алты айдан кийин Иштиван-бүкүр чын эле аз-аздан ичи жылып, сүйө баштады. Курсагы ток, кийими бүтүн, жанында Гертруда. Ал бычып жаткан тонун таштап, атайын Гертруданын жанына келип, бетинен өптү. Бул сүйүүнүн белгиси эле.

**Нуркамил САЗКЕЕВ.**



# Китепканадан репортаж

**Кыйгас учурда белгилүү акын Карбалас Бакиров телефон чалат: "Дүйшөн, Аламүдүн базарынын ары жагындагы 10- китепканага келип кал, ыр-кече болот..." Тээ жеткайтта калган, ортодон 45 жылдай олчойгон мезгил-доор- турмуш өтсө, "Жеткайтта" деп айтат экенсиң да, кагылайын студент кезден берки достун үнү, андагы биз эңсеген, дегдеген китепкана, анан делбиреген поэзия кечелери! Барбаганда... Атасынынгөрү, баарын жыйыштыра жетип бардым. Имараты өтө эски, жупуну болсо да, "Жибек-Жолу-60, Бишкек шаардык 10- китепкана" деген көрнөгү сүйкүмдүү көрүнөт.**



Китепкана башчысы Кубакеева Гүлнара менен китепканачы Сейдеева Уялкандын уюштурган, "Бар бол, эне-тилим!" аттуу ыр-кечеси да биздин ой-тилекке бап келди. Ооба, тил болбосо китеп болобу? Адамзат, айрыкча кыргыз баласы бүгүн интернет чукулап калды. Дүйнө эли кантти билбейбиз, кыргыздын дээрлик көбүнүн тиктегени "ТикТок" сыяктуу жеңил-желпи, акылойго жугумсуз, анчейин азилтамаша, нарксыз, уятсыз бирдемелер. Кары-жашы дебей көргөнү, укканы ушул болсо, анан кайдагы сабат, бийик максат, өсүш катыгүн... Баары китеп, кагаз, калем аркылуу калган. 2500 (!) жыл илгери, эч кандай диндер жок кезде да Сократ, Платон, Конфуций, Лао-Цзы өңдүү дүйнө философ-акылмандарынын жазгандары китеп аркылуу жетти бизге. Кылыч менен дүйнөнү дүңгүрөткөн Чыңгысхан окуу, жазуу билбесе да китепти тебелетпептир. Сан кылымдык көчмөн доордун оозеки океандай шедеври "Манас" да убагында кагазга түшүрүлүп, китепке айланбаганда, береги эс-тутумду тумандаткан техника, информатиканын кымгуут заманында не тагдырга туш болот эле?..

Ошол үчүн китеп ыйык, кут, акыл, насаат, тарбия, маяк эмеспи, издегенге жол, мол байлык эмеспи... Мына ушундай кезде китепканачы эжейлерибиздин, ал жерде агайлар жок же эркек аттуулар мындай "майда-барат" түйшүккө кайдан чыдамак беле, эзелкиден берки асыл-кенч китепканага эгедер болуп, "Эне-тил-Кыргыз тил куну!" деп, үркөрдөй чогулткан окуучу, студент жаштарга дарс окуп, бизди дагы сайратты, ал тургай жыйын соңунда чайын өнтөлөп коштой берип олтурганына кантип ыраазы болбойсуң, аа... Эсен-аман жүргүлө эже-айымдар, эне-тилдин эгеси жана тутқалары!

**Дүйшөн КЕРИМОВ**

**P.s:** Ушундай эле иш-чаралар шаарыбыздагы №25 жана №18-китепканаларда атайы чакырылган коноктор (арасында биз да барбыз) менен биргеликте майрамдык маанайда өткөрүлдү . (Бул жөнүндө материалдарды газетабыздын келээрки санында жарыялайбыз .)







# *Көөнөрбөс көөнө сөздөрдү билесизби?*

**1- Мылтык, октары салуучу териден жасалган баштык...**
а- Капчык
б- Кеңсе
в- Күпсөр
г- Калта

**2- Жүгөрү унунан жасалуучу нан...**
а- Загара
б- Калама
в- Каттама
г- Көмөч нан

**3-Кенгурунун баласынын кыргызча аталышы?**
а- чөндөлөй
б- чаарчык
в- бөрсө
г- борсолдой

**4- Кымыз, бозо куйуучу жыгач чака...**
а- көөкөр
б- чапчак
в- көнөк
г- соку

**5- Носорогдун кыргызчасы...**
а- каман
б- бука
в-керик
г- акыра

**6- Скальпелдин кыргызчасы...**
а- курч бычак
б- хирург бычагы
в- аштар бычак
г- кичине бычак

**7- Тайлактын терисинен тигилген тон...**
а- ичик
б- тон
в- чыптама
г- күпү

**8-Жирафтын кыргызча аты...**
а- керик
б- акыра
в- чаар ат
г- жаян

**9- териден жасалган шым**
а- кандагай
б- тердик
в- кыбачы
г- томор

**10- Форель балыгынын кыргызчасы...**
а- чаар балык
б- алабуга
в- кайдак
г- сумбул




БАРДЫК СУРООГО ТУУРА ЖООП БЕРГЕН АЛГАЧКЫ 5 ОКУРМАНГА 100 ДӨН БИРДИК!!!

(ЖООПТОР 05.10.2022 СААТ 18:00 ГО ЧЕЙИН 0550094974 ВОТСАП НОМЕРИНЕ КАБЫЛ АЛЫНАТ)

№9 (283)
30
09
2022
kyrgyztili@mail.ru

# ЖАРЫЯ: СЫНАК, СЫНАК, СЫНАК...

Кыргыз тилин өнүктүрүү, тил саясатын заманбап жүргүзүү боюнча, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» газетасы

### СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ!

Сынакка жогорку жана атайын орто окуу жайларынын, мектептердин, башка билим берүүчү жайлардын жетекчилери катыша алат.

Сынакка катышууну каалаган ар бир окуу жайдын жетекчилери өз мекемелери үчүн учурда раритет болуп эсептелген, нускасы саналуу, сатыкта жок китептерди утуп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

## СЫНАК ҮЧ БАСКЫЧТАН ТУРАТ.

### Биринчи баскыч:

- Ар бир жетекчи сынакка катышуу үчүн жарыянын акырындагы үлгүнү толтуруп катталат.
- "Кыргыз тестке" А-1 тестинен өтүү үчүн кайрылуу ,аны тастыктоо, тесттен өткөн болсо тастыктоочу сертификаттын көчүрмөсүн тиркелет.
- "Кыргыз тили" газетасынан жүздү (100) сатып алууга арыз берүү, газетанын акыркы бетиндеги көрсөтүлгөн реквизиттерге төлөм жүргүзүү, чектин көчүрмөсүн арызга тиркөө.

### Экинчи баскыч:

- Ар бир жетекчи сынакка катышуу үчүн жарыянын акырындагы үлгүнү толтуруп катталат.
- "Кыргыз тестке" В-1 тестинен өтүү үчүн кайрылуу ,аны тастыктоо, тесттен өткөн болсо тастыктоочу сертификаттын көчүрмөсүн тиркелет.
- "Кыргыз тили" газетасынан жетимишти (70) сатып алууга арыз берүү, газетанын акыркы бетиндеги көрсөтүлгөн реквизиттерге төлөм жүргүзүү, чектин көчүрмөсүн арызга тиркөө.

### Үчүнчү баскыч:

- Ар бир жетекчи сынакка катышуу үчүн жарыянын акырындагы үлгүнү толтуруп катталат.
- "Кыргыз тестке" С-1 тестинен өтүү үчүн кайрылуу ,аны тастыктоо, тесттен өткөн болсо тастыктоочу сертификаттын көчүрмөсүн тиркелет.
- "Кыргыз тили" газетасынан элүүнү (50) сатып алууга арыз берүү, газетанын акыркы бетиндеги көрсөтүлгөн реквизиттерге төлөм жүргүзүү, чектин көчүрмөсүн арызга тиркөө.

Сынакка катталуу үчүн билдирме.

Мен ____________________, ______________ ,
_____________.

Ф.А.А. Иштеген окуу жайы, кесиби.

"Кыргыз тили" газетасы уюштурган сынакка катталуу өтүнүчү. Сынактын шарттарын так аткаруууга жана аягына чейин толук катышууга милдеттенүү.

**СУРООЛОР БОЮНЧА:** 0700 094 974, 0550 094 974,0222 094 974.

# Кроссворд



### КРОССВОРД СУРООЛОРУ:

**Тигинен:**

**1-** Сөздөрдүн жасалышы жана куралышы жөнүндөгү эрежелердин жыйындысы.

**2-** Кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилге карата болгон мамилесин билдирген грамматикалык категория.

**3-** Заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирүүчү сөз түркүмү.

**4-** Кыймыл-аракеттин бардык кырдаалын көрсөтүп, морфологиялык жактан дээрлик өзгөрбөгөн, көбүнчө этиш менен айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарган сөз түркүмү.

**5-** Сүйлөмдө заттын, окуянын, зат ордуна колдонулган сөздөрдүн сынын, сыпатын, мүнөзүн, санын, иретин же ал заттын башка затка таандык экендигин билдирүүчү айкындооч мүчө.

**6-** Сөздөгү кыймыл-аракеттин ордун, мезгилин көрсөтүп, кимде? эмнеде? кайда? качан? деген суроолорго жооп берген жөндөмө.

**7-** Тилдеги тыбыштардын жасалышы, тыбыштык системасы, тыбыштык өзгөрүүлөрүн окутуучу тил илими.

**Туурасынан:**

**1-** Тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш жана өзгөрүш эрежелерин изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү.

**2-** Тилдеги сөздөрдү туура жазуу үчүн белгиленген эрежелердин системасын үйрөтө турган тил илиминин бир бөлүгү.

**3-** Заттын өңүн, түсүн, сынын, сапатын, даамын, формасын жана башка көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр.

**4-** Грамматикалык жактан сүйлөмдүн ээсине баш ийип, анын кыймыл-аракетин, абалын, сыпатын, мүнөзүн, санын, ким, эмне экендигин билдирүүчү баш мүчө.

**5-** Сүйлөмдүн түзүлүшүн, сөз айкашын жана сүйлөм мүчөлөрүн окутуучу грамматиканын бир бөлүмү.

**6-** Сүйлөмдөрдү же сүйлөм тизмесиндеги сөздөрдү өз ара тутумдаштыруучу кызматчы сөз.

**7-** Өз алдынча турганда лексикалык бир маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган же аларга кошумча маани берген кызматчы сөздөр.

**8-** Грамматикалык мамиле-катнаш жагынан баяндоочко башкарылып, кыймыл-аракет багытталган тике, же кыйыр объектини көрсөтүп турган айкындооч мүчө.

**9-**Тилдеги бардык сөздөрдүн жыйындысы, анын сөздүк курамы.

**10-** Жеке өзүнчө колдонулбаган, грамматикалык мааниси сөзгө уланганда гана аныктала турган көмөкчү морфема.



kyrgyztili@mail.ru

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Дүйшөн КЕРИМОВ
**Жооптуу катчы:** Назира ТЫНЫСТАНОВА
0(700) 094974

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**905
**Нускасы:**3212